# КЫРГЫЗСТАНДАН БАРГАН ЭМГЕК-МИГРАНТТАРЫНЫН ЭМГЕК УКУКТАРЫНА РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНА КАРАТА ЭКОНОМИКАЛЫК САНКЦИЯЛАРДЫН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

Иликтөөчүлөр:

**ДЕРБИШЕВА ГУЛЬНАРА**

**ЭШАНКУЛОВ ЖАМАЛИДИН**

**РАХАТ САГЫНБЕК КЫЗЫ**

ИНСАН ЛЕЙЛЕК Коомдук Фонду

FRIEDRICH EBERT STIFTUNG Kyrgyzstan

# МАЗМУНУ


Ыраазычылык билдирүү ... 4

Кириш сөз ... 5

Кыргызстанда жана кабыл алып жаткан коомдоштуктагы актуалдуу миграциялык кырдаал ... 6

- Кыргыз Республикасынын жарандарынын Россия Федерациясындагы укуктук абалы ... 7
- Россия мыйзамдарындагы соңку өзгөртүүлөр ... 8

Россия Федерациясынын Куралдуу күчтөрүнүн Украинадагы атайын операциясына байланыштуу эмгек мигранттар кризиси ... 13

Изилдөө методологиясы ... 17

Респонденттер жөнүндө жалпы маалымат ... 19

- Респонденттердин социалдык-демографиялык көрсөткүчтөрү ... 19
- Билим деңгээли. ... 21
- Миграциядагы тажрыйба ... 22
- Жумушка орношуу чөйрөсү ... 22
- Россияга карата экономикалык санкциялардын таасири ... 25
- Колдоо көрсөтүү чаралары ... 29

Россиядагы аскердик мобилизациянын эмгек-мигранттарына карата мүмкүн болуучу таасири ... 31

Ульяновскдеги трагедия ... 34

Эксперттин пикири ... 33

Тыянактар ... 35

Россия Федерациясы үчүн сунуштар ... 36

Кыргыз Республикасынын өкмөтү, Тышкы иштер министирлиги жана Россия Федерациясындагы Консулдуктар үчүн сунуштар ... 37

Терминдер менен кыскартуулар ... 40

Глоссарий ... 41

# ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ

**Бул изилдөөнү жүргүзүү Кыргызстандагы Фридрих Эберт Фондунун өкүлчүлүгүнүн каржылык колдоосу аркылуу мүмкүн болду, изилдөө "Инсан-Лейлек" коомдук фонду тарабынан аткарылды.**

**Иликтөө тобу мамлекеттик органдарга, жеке бөлүп айтканда, Кыргыз Республикасынын Россиядагы Элчилигине маалыматтарды табуудагы көрсөткөн көмөгү үчүн ыраазычылык билдирет, ошондой эле мамлекеттик кызматкерлерге, эксперттерге жана жарандык коомдун өкүлдөрүнө өздөрүнүн билими менен бөлүшкөнү үчүн ыракмат айтат. Бул изилдөөгө катышып, өздөрүнүн көз караштарын, пикирлерин сурамжылоо учурунда, терең маектешүүлөрдө жана фокус-топтордогу дискуссияларда билдиргендиги үчүн эмгек-мигранттарына өзгөчө ыраазычылык билдиребиз. Алардын өтө баалуу салымы эмгек-мигранттары туш болгон абалды жана көйгөйлөрдү жакшыраак түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берди. Бул изилдөөдө айтылган пикирлер авторлорго гана тиешелүү, ошондуктан Кыргызстандагы Фридрих Эберт Фондунун өкүлчүлүгүнүн расмий көз карашын**

ИНСАН ЛЕЙЛЕК
Коомдук Фонду

FRIEDRICH EBERT STIFTUNG
Kyrgyzstan

# КИРИШ СӨЗ

Азыр дүйнөдө эл аралык миграция улам барган сайын глобалдуу мүнөзгө ээ болуп бара жатат, бул экономикалык, саясий, социалдык жана маданий өзгөрүүлөрдүн натыйжасы.

Дүйнөдөгү миграциялык процесстердин маанисин, миграция агымдарынын өсүшүн жана эмгек-мигранттарынын санынын көбөйүшүн эске алуу менен БУУнун Ассамблеясы 1990-жылы бардык эмгек-мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө Эл аралык конвенция кабыл алган. Кыргыз Республикасы бул Конвенцияга 2003-жылдын апрель айында кошулган. БУУнун Генералдык Ассамблеясы 18-декабрь күнүн мигранттардын Эл аралык күнү деп жарыя кылган.

Азыркы учурда дүйнөлүк өнүгүүгө эмгек-мигранттары баа жеткис салым кошуп жатышканы талашсыз. Алар глобалдык экономиканы бекемдеп, өздөрү эмгектенип жаткан өлкөгө жаңы билим, тажрыйба жана көнүмдөрдү алып келишүүдө, ошондой эле кайра кайткан мезгилде өздөрүнүн туулуп-өскөн өлкөлөрүнө дагы. Эмгек-мигранттары аркылуу маалыматтар, идеялар менен алмашуу болуп, маданий жана илимий прогресс жигерденет.

Учурдагы чакырыктарды эске алганда дүйнөлүк коомдоштук үчүн миграция маселелери приоритеттүү жана маанилүү болуп эсептелет. “Миграция” деген жөнөкөй эле сөздүн артында миллиондогон адамдардын тагдыры турат, анын ичинде алардын жашоосу, ден соолугу, социалдык жана укуктук корголуусу жана башка маселелер дагы бар.

COVID-19 пандемиясы мезгилинде миграция маселелери, ошондой эле мигранттардын укуктарын коргоо айрыкча актуалдуу болуп калгандыгын белгилеп коюуу зарыл. Дүйнө боюнча миллиондогон эмгек-мигранттары оор абалга туш келишти. Үйлөрүнө кайтуу мүмкүнчүлүгү жок, экономикалык кризис шартында алар COVID-19 менен байланыштуу жумуштан, эмгек акыдан, турак-жайдан ажыроого, оору-сыркоого дагы туш болушту.

Ошону менен бирге, миграциялык агымдын өсүшү, ошондой эле COVID-19, Россия Федерациясынын Украинадагы атайын аскердик операциясы (ААО) сыяктуу маанилүү окуялар дүйнөлүк миграциялык абалга өз таасирин тийгизип жатат, анын ичинде Кыргызстандык эмгек-мигранттарына дагы.

Биздин оюбуз боюнча бүгүнкү күндөгү Конвенциялар менен Келишимдер учурдагы реалдуулукту толук чагылдыра албай калышты.

Ошого байланыштуу, балким миграция тармагындагы азыркы Конвенциялар менен Келишимдерди ревизия кылуу жана аларга өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгы бышып жетилип калды. Бул болсо миграциялык процесстерди учурдун талабына ылайык жөнгө салууга, ошондой эле жалпы артыкчылыктуу милдеттер менен максаттарды аныктоого, аларды турмушка ашыруунун келечекке багытталган жолдорун табууга мүмкүнчүлүк берет.



# КЫРГЫЗСТАНДА ЖАНА КАБЫЛ АЛУУЧУ КООМДОШТУКТАГЫ АКТУАЛДУУ МИГРАЦИЯЛЫК КЫРДААЛ

Кыргыз Республикасында туруктуу жашаган калктын саны, КР Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы боюнча, 2022-жылдын башына карата 6.7 млн адамды түзгөн, ал эми калктын экономикалык активдүү бөлүгү 2.5 млн адамдын тегерегинде.

Кыргыз Республикасында сапаттуу жумуш орундарынын тартыштыгы ашыкча жумушчу күчүнүн пайда болуусуна жана анын чет өлкөлөргө чыгып кетүүсүнө өбөлгө түзөт.

Бүгүнкү күнгө эмгек-миграциясында болжол менен **1 миллионго** жакын Кыргыз Республикасынын жараны жүрөт.

Ички жана тышкы миграциянын эң көп жана кыймылдуу агымы болуп эмгек-миграциясы эсептелип келе жатат. Кыргыз Республикасынан чыккан тышкы мигранттар бара турган өлкө катары оболу Россия Федерациясы, Казакстан Республикасы жана Турция Республикасы саналышат.

Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча 800 миңге жакын Кыргыз Республикасынын жараны Россияда, ал эми 35 миңи – Казакстанда, Түштүк Кореяда – 15 миң, Турцияда – 30 миң, алыскы чет өлкөлөрдө (Европа, АКШ, Жакынкы Чыгыш, Азия) – 20 миңден көбүрөөк.

Россия убактылуу эмгек-мигранттарынын олуттуу бөлүгүн кабыл алган өлкө. Оболу алар 1991-жылга чейин Советтер Союзунун курамына кирген коңшу өлкөлөрдөн. Россия Федерациясына багыт алган эмгек миграциясынын агымынын жаралышы бир нече факторлордун жыйындысы менен шартталган.

**Эң алды экономикалык фактор**. Бир жагынан алганда эмгек-мигранттары чыккан өлкөлөрдө эмгекке жарамдуу калктын олуттуу бөлүгүнүн сырт жакка кетүүсүнө “сүрүп чыгаруучу” факторлор түрткү болгон: булар – өндүрүштүн төмөн түшүп кетүүсү, эмгек акысын аз болуусу, жумушсуздуктун жогорку деңгээлде болушу, жумушчу орундардын жоктугу, жакырчылыктын жайылышы, эмгек ресурстарынын ашыкча болушу. Экинчи жагынан, кабыл



**1-ТАБЛИЦА.** *КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ОРТОЧО АЙЛЫК АКЫ* (КР Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы, 2021)

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 11 341 | 12 285 | 13483 | 14847 | 15670 | 16427 | 17232 | 18940 |

**2-ТАБЛИЦА.** *КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЖАКЫРЧЫЛЫКТЫН ДЕҢГЭЭЛИ* (КР Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы, 2021)

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 30,6 | 32,1 | 25,4 | 25,6 | 22,4 | 20,1 | 25,3 | 33,3 |

алуучу өлкө катары Россияда “өзүнө тартуучу” факторлордун таасири бар: булар – эмгек рыногунун көлөмү, көп тармактуу экономика, көпчүлүк тармактарда жана аймактарда жумушчулардын зарылдыгы, эмгек акынын көбүрөөк болушу, жашоонун жакшы сапаты, ошондой эле жеткиликтүү тил чөйрөсү (орус тили).

Азыркы учурда эмгек-мигранттарынын көпчүлүгү элет жеринен же майда шаарлардан келишкен, жумушка орношуу көйгөйүнө же аз өлчөмдөгү кирешеге туш болгон төмөнкү квалификациядагы жумушчулар.

Бирок акыркы жылдарда мигранттардын ичинде интеллигенциянын, врачтардын, мугалимдердин саны көбөйдү, бул болсо өлкөдөн жогорку квалификациялуу адистердин чыгып кетүүсүнүн жаңы толкуну жөнүндө кабар берет.

Кыргызстанда 2021-жылдын январь-декабрь айларында орточо эсеп менен чегерилген номиналдык эмгек акы 2020-жылдын ошол эле мезгилиндеги чегерилгенден болгону 9.6 пайызга[1] жогору болгон. Тилекке каршы, Кыргызстанда реалдуу эмгек акы (товарлар менен кызмат көрсөтүүнүн баасынын индексине карата түзөтүлгөн) 2021-жылдын январь-декабрь айларында 2020-жылдын ошол эле мезгилине карата 2.1 пайызга төмөндөгөн.

Кыргыз Республикасы боюнча 50 жаштан жогорку респонденттердин 20 пайызынан көбүнүн 14 жаштан өйдөкү балдары башка өлкөлөрдө турушат, башкача айтканда калктын эмгекке жарамдуу бөлүгү кетип жатат. Эмгекке жарамдуу калктын миграциясы өз кезегинде Кыргыз Республикасынын калкынын жынысы жана жаш курагы боюнча түзүмүн жаш курагы жогору болгон калктын өсүшүн карай өзгөртөт.

Акыркы жылдарда жумушчу күчүнүн кетип калуусу көбүрөөк сезиле баштады, өлкөдөн миңдеген таланттуу жана жөндөмдүү адамдар кетип жатат, өлкөнүн адамдык потенциалы төмөндөөдө. Буга квалификациялуу адистердин, билимдүү, жигердүү жана сергек жаштардын келишине кызыкдар болгон өлкөлөрдүн активдүү миграциялык саясаты дагы өбөлгө болуп жатат. Айта турган болсок, мисалы Россия Федерациясында жогорку квалификациялуу адистердин (врачтар, IT-адистер, инженерлер жана д.у.с.) келүүсүн колдоого багытталган бир катар чаралар көрүлгөн.

Кыргыз Республикасы үчүн жарандардын чет өлкөлөргө миграциясына байланышкан маселелер, алардын барган өлкөлөрүндөгү социалдык жана укуктук жактан коргоого алынышын камсыз кылуу, чет элдик жарандардын Кыргызстанга иммиграциясы, анын ичинде этникалык кыргыздар менен качкындар дагы бар, улуттук эмгек рыногундагы кырдаалды эске алуу менен чет элдик адистерди Кыргызстанга тартуу процессин жөнгө салуу, ошондой эле ички миграция маселелери приоритеттүү жана маанилүү болуп саналат.

Кыргызстанда жакырчылыкты азайтуунун дагы бир фактору болуп мигранттардын акча каражатын которуусу эсептелет. Которулган акча каражаттарынын мигранттардын бакубат жашоосуна тийгизген таасири адатта акча которууларды экономикага кошкон салым катары кароого себеп болуп калган. Мигранттардын үй-бүлөлөрү эмгек-мигранттары жок үй-бүлөлөргө караганда көбүрөөк ченемде камсыз болушкан, б.а. бул акча каражаттарын которуунун эсебинен болот, которуулар орточо алганда мигранттардын үй чарбасындагы кирешелердин жарымынан көбүн түзөт.

Миграциялык процесстерди кароодо тышкы эмгек-мигранттарынын балдарынын көйгөйлөрү өтө курч бойдон калууда, алардын саны акыркы жылдарда өсүп бара жатат. Ата-энесинин көзү жок болгон учурда балдардын укуктарынын бузулуш ыктымалдуулугу жогору. Акыркы бир нече жылда балдарга карата болгон зомбулук Кыргызстанда коомдук көйгөйгө айланып калды. Массалык маалымат каражаттарындагы маалыматтарга караганда мигранттардын зомбулукка кабылган балдарынын саны өсүп бара жатат.

1 КР Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы, 2021.

**3-ТАБЛИЦА.** *КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАРАНДАРЫНЫН РФКЕ КЕЛУУСУ* (РФ ИИМдин маалыматы )

| РФ ИИМдин каттоосунун багыты | 1997-жыл | 2000-жыл | 2005-жыл | 2010-жыл | 2011-жыл | 2013-жыл | 2014-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| РФке келген КР жарандарынын саны | 13 752 | 15 536 | 15 592 | 20 901 | 41 562 | 30 388 | 622 719 |

| РФ ИИМдин каттоосунун багыты | 2015 -жыл | 2016-жыл | 2017- жыл | 2018 -жыл | 2019 -жыл | 2020-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| РФке келген КР жарандарынын саны | 13 752 | 15 536 | 15 592 | 20 901 | 41 562 | 30 388 |

**4-ТАБЛИЦА.** *БОРБОРДУК АЗИЯ ЖАРАНДАРЫНЫН РОССИЯДА МИГРАЦИЯЛЫК КАТООГО АЛЫНУУСУ* (РФ ИИМдин маалыматы )

| 2021-жылы миграциялык каттоого алынгандар | Саны |
|---|---|
| Кыргыз Республикасы (ЕАЭБ) | 1 063 928 |
| Армения (ЕАЭБ) | 578 779 |
| Казакстан (ЕАЭБ) | 562 738 |
| Белоруссия (ЕАЭБ) | 466 304 |
| Өзбекстан | 4 961 301 |
| Тажикстан | 3 076 781 |

## РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНДАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДАРЫНЫН УКУКТУК АБАЛЫ

Россия Федерациясынын аймагындагы Кыргыз Республикасынын жарандарынын саны жыл сайын өсүп бара жатат. Кыргызстан ЕАЭБге кошулгандан кийин Россиядагы Кыргызстандын жарандарынын саны айрыкча өсту (2014-жылдан баштап).

РФ ИИМдин маалыматы боюнча 2021-жылга карата 1 063 928 Кыргыз Республикасынын жараны миграциялык каттоого алынган.

Ошентип Кыргызстан 2021-жылдын январь айынан тарта декабрь айына чейин Россиянын аймагына кирген жарандардын саны боюнча биринчи үч өлкөнүн ичине кирет.

РФ ИИМдин Биринчи орун басары А.Горовойдун КМШ Парламент аралык Ассамблеясынын 2021-жылдын 16-апрелиндеги Пленардык жыйынында берген маалыматы боюнча Кыргызстандын 115 588 жараны Россияда каттоосуз жүрүшөт. Бул жагдай кабатыр кылбай койбойт, анткени Россиянын аймагында каттоосуз жүргөн Кыргызстандын жарандары эртеңки Россия Федерациясынын аймагына кирүүгө чектөө коюлгандардын катарын толуктай турган адамдар.

2021-жылы иш берүүчүлөр же жумушка (кызмат көрсөтүүгө) буюртма берүүчүлөр тарабынан Кыргыз Республикасынын жарандары менен 363 880 эмгек келишими (жарандык-укуктук) түзүлгөндүгү жөнүндө билдирүү түшкөн, ошол эле убакытта "жумуш" максаты менен 884 133 Кыргызстандык жаран, "окуу" максаты менен болгону 39 288 Кыргызстандык жаран Россияга киришкен.

Кыргызстандын жарандарынын Россиянын аймагында болуусу "Евразиялык экономикалык биримдик жөнүндө Келишимдин" жоболору менен жөнгө салынат. ЕАЭБке кошулуу Келишимине кол коюлгандан кийин Кыргызстандын жарандарына бир катар жеңилдиктер берилген.

*Маалымат иретинде: квота бөлүү жана жумуш иштөөгө сөзсүз уруксаат алуу жокко чыккан, патент алуунун кажети жок, эмгек келишими менен гана эмес жарандык-укуктук келишим менен деле иштей берүүгө болот, көпчүлүк адистиктер боюнча билими жөнүндөгү документтерди түз таануу каралган, орус тилин, Россиянын тарыхын жана мыйзамдарын биле тургандыгына карата экзамен жокко чыккан.*

**5-ТАБЛИЦА.** *РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНДАГЫ 2021-ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-ДЕКАБРЬ АЙЛАРЫНДАГЫ МИГРАЦИЯЛЫК КЫРДААЛДЫН НЕГИЗГИ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ БОЮНЧА МААЛЫМАТТАР* (РФ ИИМдин маалыматы)

| Каттоого алуунун багыты | 2021-жыл январь-декабрь | 2020-жыл январь-декабрь |
|---|---|---|
| Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды миграциялык каттоого алуунун саны | 13 392 897 | 9 802 448 |
| Эмгектенип жүргөн чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар менен эмгек келишимин түзүү жөнүндөгү билдирүүлөрдүн жалпы саны | 1 673 342 | 1 330 650 |
| Чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга берилген патенттер | 2 221 826 | 1 132 593 |
| Чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга жумуш иштөөгө уруксат берүүлөр, бардыгы | 93 031 | 62 686 |
| Чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга Россия Федерациясына кирүүгө тыюу салуу жөнүндө жиберилген көрсөтмөлөр | 176 333 | 1 894 |

## РОССИЯ МЫЙЗАМДАРЫНДАГЫ СОҢКУ ӨЗГӨРТҮҮЛӨР

Россиянын миграциялык мыйзамдарынын укуктук негизин СССР таркагандан кийинки кабыл алынган укуктук документтер түзөт. Ошолу бул Россия Федерациясынын 1993-жылдагы Конституциясы, “Россия Федерациясынын жарандыгы жөнүндөгү” 2002-жылдын 31-майында кабыл алынган Федералдык мыйзамы, “Россия Федерациясынан чыгып кетүү жана Россия Федерациясына кирүү жөнүндөгү мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү жөнүндө” 2003-жылдын 10-январында кабыл алынган Федералдык мыйзамы, 1993-жылдын 19-февралында кабыл алынган Россия Федерациясынын “Качкындар жөнүндө” мыйзамы, 1993-жылдын 20-декабрында кабыл алынган Россия Федерациясынын “Аргасыздан жер которгондор жөнүндөгү” мыйзамы.

Россия Федерациясындагы миграция мамилелеринин тармагындагы укуктук жана укукту колдонууну жөнгө салууну жакшыртуу иштери миграциялык агымдардын ачыктыгын жогорулатууга, Россиянын мамлекеттик кызыкчылыктары үчүн миграциялык агымдарды натыйжалуу жөнгө салууну жолго коюуга багытталган.

Россия Федерациясында миграция калкты жайгаштыруудагы эң маанилүү көйгөйлөрдүн бири, ошондой эле ал адамдардын жөнөкөй эле механикалык орун которуусу катары каралбайт, ал коомдук жашоонун бардык жагына тиешелүү болгон татаал социалдык процесс катары каралат.

Миграциялык агымдардын кеңейиши Россиядагы миграциялык саясаттын өзгөрүүсүнүн ажырагыс фактору болуп калды. Россиядагы мигранттардын санынын өсүшү, жумуш рыногундагы өзгөрүүлөр миграциялык саясатта жаңы ыкмаларды талап калды.

Россия Президентинин Россия Федерациясындагы мамлекеттик миграциялык саясаттын 2025-жылга чейинки Концепциясын бекиткен Жарлыгы миграция тармагындагы маанилүү программалык документтердин бири болуп калды. Бул документ Россия Федерациясындагы миграция чөйрөсүндөгү иш-аракеттердин мазмунуна, принциптерине жана негизги багыттарына карай көз караштардын системасы болуп саналат.

Жогоруда айтылгандай, калктын миграциясы чындыгында глобалдык масштабка ээ болуп бара жатат, ал кай бир өлкөлөр менен аймактардын экономикалык, социалдык, саясий жана маданий өнүгүүсүнүн маанилүү факторуна айланууда, бул айтылгандар Россияга дагы тиешелүү.

Акыркы жылдарда белгилүү болгон объективдүү жагдайларга байланыштуу Россия Федерациясында миграция саясаты күчөтүлүп бара жаткандыгы байкалып тургандыгын белгилеп коюу керек. Бул жагдай азыркы таптагы турмуш чындыгы менен шартталган.

Россия Федерациясындагы миграциялык мыйзамдардын өзгөрүүсү оболу Россиянын мамлекеттик кызыкчылыктарын коргоого багытталган. Бул миграциялык процестерди жөнгө салуудагы иштердин көлөмүнүн кеңири болгондугу жана алардын татаалдыгы менен түшүндүрүлөт. РФ ИИМдин билдирүүсүнө ылайык Россиянын аймагындагы чет өлкөлүктөрдүн саны 2021-жылдын январь-декабрь айларында болжол менен 13.3 млн адамды түзгөн, алардын олуттуу бөлүгү Россияда каттоосуз жүрүшөт.

Россияга карай массалык эмгек миграциясы ири көйгөйлөрдү ачыкка чыгарды. Түзүлгөн кырдаал эмгек миграциясы багытындагы мыйзамдарды андан ары жакшыртууга өбөлгөлөрдү жаратты.

Ушуга байланыштуу акыркы жылдарда Россияда

миграциялык каттоого коюунун, жашап туруу жана иштөөгө уруксат берүүнүн, бул тармакта кызмат көрсөтүүнүн санариптик форматына өтүүнүн, Россия Федерациясынын аймагына коркунучтуу оору жуккан чет өлкөлүк жарандардын кирүүсүнө уруксат берүүгө жана алардын медициналык реабилитациясына байланыштуу маселелерди жөнгө салуунун, кылмыштуулук менен күрөшүүнүн ж.б. д.у.с. так эрежелерин иштеп чыгууга карата чаралар көрүлүп жатат.

Ошол себептен Россиянын ички миграциялык мыйзамдары бир жагынан дайыма бир калыпка түшүп жатса, экинчи жагынан андан аркы жакшыртууну талап кылып жатат.

Россия Федерациясында миграциялык мамилелер багытындагы укуктук жөнгө салуу жана укукту колдонуу практикасын жакшыртуу миграциялык агымдардын ачыктыгын жогорулатып, аларды Россиянын мамлекеттик кызыкчылыгына ылайык көбүрөөк ченемде натыйжалуу жөнгө салууну камсыз кылат, ошондой эле Россиядагы чет өлкөлүк жарандардын укуктарын сактоону жана алардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону да өзүнө камтыйт.

Бул жерде белгилеп кетүү керек, Кыргыз Республикасы ЕАЭБ мүчөсү болгону менен Россияда жүргөн Кыргызстандык жарандар бир катар көйгөйлөргө туш болушат. Россия Федерациясында миграциялык мыйзамдарга киргизилген акыркы өзгөртүүлөр иш жүзүндө алардын абалын кыйындатты.

Атап айтсак, 2018-жылдын 8-июлунда күчүнө кирген "Россия Федерациясындагы чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды миграциялык каттоого алуу жөнүндөгү" Федералдык мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү Россия Федерациясынын № 163-ФЗ Федералдык мыйзамы ал жакта жүргөн Кыргызстандын жарандарынын бардыгынын абалын оорлотту. Анткени чет өлкөлүк жарандарга жумуш берүүчү эгерде чет өлкөлүк жаран ал даректе жашап турбаса мындан ары өз ишканасынын дарегине эмгек-мигранттарын миграциялык каттоого киргизе албайт. Мындай чара тиешелүү түрдө административдик бузуулардын көбөйүшүнө, айыптардын салынышына жана административдик түрдө сыртка чыгарып салууга ("кара тизме") алып келди.

*Маалымат иретинде: Бүгүнкү күнгө 75 миңге жакын Кыргызстандын жараны Россиянын аймагына кирүүгө чектөө коюлган адамдардын тизмесинде турат.*

Ошону менен бирге 2021-жылдын 29-декабрында "Россия Федерациясындагы чет өлкөлүк жарандардын укуктук абалы жөнүндөгү" Федералдык мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү Россия Федерациясынын 274-ФЗ Федералдык мыйзамы жана "Россия Федерациясындагы мамлекеттик дактилоскопиялык каттоо жөнүндөгү укуктук жобо жөнүндөгү" Федералдык мыйзам күчүнө кирди, аларга ылайык Россия Федерациясына эмгектенүү максатында келишкен ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин жарандары Россияга келген күндөн тарта 30 (отуз) календарлык күндүн ичинде медициналык кароодон өтүп, ошондой эле мамлекеттик дактилоскопиялык каттоо процедурасынан өтүп, анан фото-сүрөткө түшүүсү керек.

Медициналык кароого бангизат же психотроптук заттарды врачтардын көрсөтмөсү жок колдонуу фактысы бар же жок экендигин, же болбосо коркунучтуу жаңы психоактивдүү нерселерди колдонгону, айланасындагыларга кооптуу болгон жугуштуу оору жана адамдын иммундук-тартыштык вирусу (ВИЧ) козгой турган оорулар бар же жок экендигин аныктоо дагы кирет.

Эгерде медициналык кароонун жыйынтыгында бангизат же психотроптук заттарды врачтардын көрсөтмөсү жок колдонуу фактысы бар экендиги, же болбосо коркунучтуу жаңы психоактивдүү нерселерди колдонгону аныкталса, же болбосо адамдын иммундук-тартыштык вирусу (ВИЧ) козгой турган оорудан жапа чегип жүргөнү такталса, анда мындай чет өлкөлүк жарандарга карата алардын Россия Федерациясында болуусу (жашоосу) мүмкүн эмес экендиги жөнүндө же Россиянын аймагына кирүүгө чектөө коюу жөнүндө чечим кабыл алынат.

Бул жерде белгилей кетүүчү нерсе, мыйзам 2021-жылдын 29-декабрында күчүнө киргени менен Россиянын тиешелүү органдары медициналык кароону жүргүзүү процедураларына даяр эмес болуп чыкты.

Чет өлкөлөрдүн дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн жана чет элдик жарандардын Россиянын тиешелүү органдарына кайрылууларынан кийин Россия Федерациясынын Саламаттыкты сактоо министирлигинин 2022-жылдын 21-февралындагы № 94 – буйругу менен медициналык кароо жүргүзүү тартибине өзгөртүүлөр кирген. Атап айтсак, киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык сертификат менен медициналык тыянактын жарактуу болуу мөөнөтү 3 айдан 12 айга узартылган. Андан тышкары, чет өлкөлүк жарандарды медициналык кароодон өткөрүүдө алардын мурда өткөн диспанцеризациясы же профилактикалык кароолору жөнүндөгү медициналык документтер менен бекемделген маалыматтар эске алынат. Медициналык изилдөөлөрдүн көлөмү кыскартылган, б.а. жашы 13 төн төмөн чет өлкөлүк жарандарга карата химия-токсикологиялык изилдөөлөрдүн зарылдыгы жөнүндөгү талап буйруктан алынып салынган. Ошондой эле медициналык кароонун чегинде тактоо талап кылынган жугуштуу оорулардын тизмесинен жаңы коронавирустук инфекция (COVID-19) алынып салынган.

2021-жылдын 29-декабрында күчүнө кирген Федералдык мыйзамдын талаптары, андан кийинки 2022-жылдын 1-мартындагы буйруктун күчүнө кирүүсү федералдык деңгээлдеги мыйзам актысы менен мыйзам астындагы

актынын күчүнө кирүүсүнүн ортосунда убакыт өтүшүнө алып келди, бул болсо мыйзамды практикалык түрдө ишке ашырууда көйгөйлөрдү жаратты.

Айтылган өзгөртүүлөрдү киргизүү эмгек-мигранттарынын ичиндеги чыңалууну бир аз басаңдатты. Бирок бүгүнкү күнгө чейин медициналык кароодон өтүүдө кыйынчылыктар бар экендигин белгилеп коюу керек, атап айтканда төлөм саясаты боюнча, кароодон өтүүчү жайлардын чектелүү болгондугу жана ушуга байланыштуу кезек күтүүнүн узактыгы.

Чет өлкөлүк жарандардын милдеттүү түрдөгү мамлекеттик дактилоскопиялык каттоодон өтүү жана фото-сүрөткө түшүү милдетин аткарбай калышы анын Россия Федерациясында жүрүү мөөнөтүн кыскартууга негиз болуп калышы мүмкүн.

Жаңы талаптардын тартибинин кай бир элементтери, ошондой эле аларды аткарбай коюунун укуктук кесепеттери жумушчу күчтөрдүн эркин кыймылын жана ЕАЭБге мүчө болгон башка мамлекеттердин эмгектенүү үчүн келишкен жарандары үчүн Россия Федерациясынын мамлекеттик эмгек рыногунун жеткилең болуусун чектеп коюушу мүмкүн.

Россия Федерациясындагы болуп келген тажрыйбаны эске алуу менен бул Федералдык мыйзам Россияга келип жатышкан ЕАЭБге мүчө болгон мамлекеттердин жарандары үчүн, анын ичинде Кыргызстандын жарандары үчүн дагы, кыйынчылыктарды жаратып, ошону менен бирге төмөнкү негиздерге ылайык терс кесепеттерге алып келүүсү дагы мүмкүн.

Биринчиден, дактилоскопиялык каттоодон, медициналык кароодон өтүү процедурасынын талаптарын аткарбаган же өз убагында аткара албай калган учурда, анын ичинде медициналык анализ оң жыйынтык берген учурда дагы, ал жарандар үчүн Россияда жүрүү мөөнөтү кыскартылат, ошондой эле алардын Россия Федерациясында калуусу (жашоосу) мүмкүн эмес экендиги жөнүндө чечим кабыл алынат, бул жагдай Россияда каттоосуз жүргөн Кыргызстандык жарандардын санынын өсүшүнө, ошондой эле Россиянын аймагына кирүүгө чектөө коюлган адамдардын тизмесинин өсүшүнө дагы алып келүүсү мүмкүн.

Ошону менен бирге акыркы жылдарда Россиянын укук коргоо органдары тарабынан административдик төлөм (штраф) чет өлкөлүк жарандарга гана, анын ичинде Кыргызстандын жарандарына дагы салына турган терс тажрыйбага күбө болуп жаткандыгыбызды белгилей кетүү керек. Ушуга окшош эле Федералдык бюджетти чет өлкөлүк жарандардын эсебинен толтуруу пандемия учурунда орун алган, ал учурда коомдук транспортто коргонуу каражаттары жок жүргөнү үчүн ( бет кап менен кол кап) кармалып, аларга административдик айып салынгандар жалаң гана чет өлкөлүктөр болгон, алардын ичинде Кыргызстандын жарандары дагы бар, ошол эле учурда Россия жарандары тарабынан ошондой эле тартип бузууларга эч көңүл бурулган эмес.

*Маалымат иретинде: "Россия Федерациясына келүүнүн жана Россия Федерациясынан чыгып кетүүнүн тартиби жөнүндөгү" № 114-ФЗ Федералдык мыйзамга (26-статьянын 4-пункту) ылайык эгерде чет өлкөлүк жаран же жарандыгы жок адам үч жыл ичинде эки же андан көп жолу Россия Федерациясынын мыйзамдарына ылайык анын аймагында административдик укуктук тартипти бузгандыгы үчүн административдик жоопко тартылган болсо, анда ал чет өлкөлүк жаранга же жарандыгы жок адамга Россия Федерациясына кирүүгө уруксат берилбеши мүмкүн.*

Экинчиден, медициналык кароо жана дактилоскопия процедураларынан өз учурунда өтпөй калуу Кыргызстандын жарандары үчүн Россияда эмгектенүүгө жолтоо болушу мүмкүн.

Үчүнчүдөн, медициналык кароо процедуралары эмгек-мигранттарына кошумча материалдык чыгымдарды алып келет (жылына 6000 рубль).

Андан сырткары, дактилоскопиядан өтүү учурунда Кыргызстандын жарандары полиция бөлүмдөрүнө жеке кайрылуу керектигинен улам ыңгайсыздыктарды сезүүсү ыктымал. Тажрыйба көрсөткөндөй, 2019-жылдагы "миграциялык амнистия" дегендин жүрүшүндө миграция маселелери боюнча бөлүмдөргө баардыгы болуп болгону 1400 адам кайрылган. Биздин пикирибиз боюнча бул полициядан психологиялык коркуу менен байланыштуу.

Жогоруда айтылгандардын негизинде көрсөтүлгөн талаптар жаңы көйгөйлөрдү жарата тургандыгын белгилейбиз, алар болсо эмгек-мигранттарынын абалын олуттуу түрдө оорлотууга, Россиядагы Кыргызстандык мигранттардын санынын кыскаруусуна алып келүүсү мүмкүн, натыйжада Россия Федерациясынан которулуп жаткан акча каражаттары дагы азайышы мүмкүн.

Ошондой эле бул жагдай кайра кайтарылгыс кесепеттерге дагы алып келүүсү ыктымал, атап айтканда Россия Федерациясынын жарандыгын алган адамдардын саны өсүшү мүмкүн, анткени жыл сайын көбөйүп бара жаткан жаңы талаптардан кутулуу үчүн Кыргызстандын жарандары Россия Федерациясынын жарандыгын алууга мажбур болуп калат.

Россия Федерациясынын жарандыгына өткөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын санынын жыл сайын өсүшү байкалууда. 2021-жылдын 12 айында Россия жарандыгына кабыл алуу тууралуу чечим чыккан адамдардын саны 19 241 болгон[2].

Натыйжада, Кыргыз Республикасынын калкынын

2 КР ИИМ

эмиграциясы бара бара терс демографиялык кесепеттерге алып келүүсү мүмкүн, атап айтканда калктын жаш курактык жана жыныстык курамынын өзгөрүүсү, үй-лөнүүнүн жана бала төрөлүүнүн кыскаруусу, өлүмдүн санынын өсүшү д.у.с. мүмкүн.

Эмгек-мигранттарынын укуктарын коргоо багытында иш-аракеттерди аткарып келе жаткан “Инсан-Лейлек” Коомдук фондусунун маалыматы боюнча Россиянын Украинадагы согуштук аракеттери башталгандан кийин Россия Федерациясынын жарандыгы бар мигранттардын кайра кайтуусу көбөйүп жатканы байкалууда, муну белгилеп коюу керек. Бул болсо жалпы аскердик мобилизациядан коркуу менен байланыштуу.

Буга толук негиз бар, анткени 2013-жылы Россиянын “Аскерге милдеттүүлүк жана аскер кызматы жөнүндө” Федералдык мыйзамына оңдоолор кирген, аларга ылайык Россия жарандыгын алган бардык жаш адамдар куралдуу күчтөрдө кызмат өтөөгө милдеттүү, мында ал адамдар мурда өз өлкөлөрүнүн армиясында кызмат өтөп бүткөндүгү эске алынбайт. Буга Тажикстан менен Түркмөнстандан келген мигранттар кирбейт, анткени ал өлкөлөр менен Россиянын ортосунда тиешелүү эл аралык келишимдер түзүлгөн.


ЕАЭБге мүчө болгон мамлекеттердин жарандары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү үчүн Россия Федерациясында убактылуу болуу мөөнөтү эмгек мигранты менен жумуш берүүчү же жумушка (кызмат көрсөтүүгө) карата буюртма берүүчүнүн ортосунда түзүлгөн эмгек келишиминин же жарандык-укуктук келишимдин мөөнөтүнө карата коюлат, ошондой эле анын мөөнөтү узартылат.

Ошол эле учурда эмгек-мигранты эмгек келишимин (жарандык-укуктук келишимин) аныкталбаган мөөнөткө түзгөн болсо, анда эмгек-мигрантынын Россияда жүрө турган мөөнөтү өлкөгө кирген күндөн тарта бир жылга чейинки убакытка узартылат, бул мөөнөт бир нече жолу узартылышы мүмкүн, бирок ар бир жолу бир жылдан ашык эмес убакытка гана.

Россия Федерациясына кирүү үчүн визанын кажети жок болгон, Россия Федерациясынын жаранынын же Россиянын аймагында такай жашап, жашай турган жери бар чет өлкөлүк жарандын үй-бүлө мүчөсүнө Россия Федерациясында жүрүү мөөнөтү Россиянын аймагына кирген күндөн тарта бир жылга узартылат. Көрсөтүлгөн мөөнөт бир нече жолу узартылышы мүмкүн, бирок ар бир жолу мындай узартуу бир жылдан ашык эмес гана убакытка болот.

Мүмкүн болуучу кесепеттердин алдын алуу үчүн Россияга келүүнү боолголоп жаткан жарандардын арасында кеңири (ММК, социалдык түйүндөр, маалымат платформалары аркылуу) түшүндүрүү иштерин жүргүзүү зарыл. Ободу мындай иштерди Россия тарап аткарганы туура, анткени айтылган мыйзамды турмушка ашырууга жана чет өлкөлүктөр тарабынан Россиянын мыйзамдарынын аткарылышын камсыз кылуу Россия тараптын кызыкчылыгында.

Ошондой эле ЕАЭБ жарандарынын кызыкчылыктарын эске алуу менен мигранттар туулуп-өскөн өлкөлөрдөгү медициналык кароо өткөндүгү тууралуу медициналык документтерди жана дактилоскопияларды таануу, андан кийин тараптардын тиешелүү органдарынын ортосунда ал маалыматтар менен алмашууну ишке ашыруу багытында иштерди жүргүзүү зарыл деп эсептейбиз.



# РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНҮН УКРАИНАНЫН АЙМАГЫНДАГЫ АТАЙЫН АСКЕРДИК ОПЕРАЦИЯСЫНА БАЙЛАНЫШТУУ ЭМГЕК-МИГРАНТТАРЫНЫН КРИЗИСИ

Иммигранттар үчүн кризистин акыркы себептеринин бири болуп Россиянын аскер күчтөрүнүн Украинанын аймагындагы 2022-жылдын 24-февралында башталган "атайын аскердик операциясы" болуп калды. 2022-жылдын февраль айындагы РФ президенти Владимир Путиндин атайын аскер операциясын баштоо жөнүндөгү жарыясы Европа биримдиги, Улуу Британия, АКШ жана Канада, жана башка өлкөлөр тарабынан Россия Федерациясына карата бир катар санкциялардын салынышына алып келди.

Россиянын Украинага кол салуусуна байланыштуу санкциялар – бул Россияга карата мамлекеттер жана эл аралык уюмдар тарабынан киргизилген саясий жана экономикалык чектөө чаралары.

Киргизилген санкциялар өзүнө Россиянын каржы түзүмүнө карата (Борбордук жана ири банктарга карата дагы), бир катар Россиялык компаниялар менен экономика тармактарынын иш-аракеттерине карата кеңири чектөөлөрдү камтыйт, ошондой эле аба мейкиндиги менен деңиз портторун жабуу, Россия жетекчилигине, ири ишкерлерге, кай бир учурларда алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө карата жекече санкциялар дагы бар.

Бул санкциялардын натыйжасында миңдеген чет өлкөлүк компаниялар Россиянын рыногун таштап чыгып кетишти. Аскер операциясы башталганга чейин 5 миңден ашуун чет өлкөлүк компания иштеп, ал жерлерде 2 миллиондон ашык адам жумуш менен камсыз болуп турган. Бүгүнкү күнгө 600 эң ири чет өлкөлүк компаниянын 20 % өз иш-аракеттерин токтотту, ал эми 46 % бир жылдын ичинде жабылууну пландап жатышат. Россия Федерациясынын Стратегиялык иштеп чыгуу борборунун (РФ СИБ) баалосу боюча азыркы учурда чет өлкөлүк компаниялардын 120-150 миң кызматчысы ишин токтотуп турат. Булар биринчи кезекте авто өнөр жайынын жана чекене соодадагы кызматкерлер[3].

Орто мөөнөттөгү келечекте инвестициялардын кыскарышы чет өлкөлүктөрдүн бизнесинде мындан дагы көп жумушчу орундун кыскаруу коркунучун жаратат.

**6-ТАБЛИЦА.** *РФ БОРБОРДУК СТАТИСТИКАЛЫК КОМИТЕТИНИН (РФ БСК) МААЛЫМАТЫ БОЮНЧА ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК КОМПАНИЯЛАРДЫН НЕГИЗГИ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ* (РФ БСК, Жаңы экономикалык шарттардагы чет элдик бизнестин көрүнүшү, 2022-ж., июнь)

| | Компаниялар | Жумушчу орундун саны |
|---|---|---|
| Бардыгы | 5000 | 2 млн |
| Эң ирилери | 600 | 1 млн |
| 2022-жылдын июнь айына карата ишин токтоткондор | 120 | 150 миң |
| Россиядан кеткендер же кетүүнү пландап жаткандар | 30 га жакын | 40 миң |

3 РФ БСК, Жаңы экономикалык шарттардагы чет элдик бизнестин көрүнүшү, 2022-ж., июнь

Россиянын аймактарынын жарымынан көбү жумушсуздуктун өсүшүнө күбө болушат. 2022-жылдын баш жагындагы окуялар Россия экономикасында түзүмдүк өзгөрүүлөр процессинин башталышына, ошондой эле эл аралык сооданын географиясынын өзгөрүшүн жана логистикалык байланыштарды кайра түзүп чыгууну эске алуу менен жаңы тең салмактуулукту издөө, алдыңкы технологиялардын булактарын табуу зарылчылыгына жана капиталдын наркынын өсүшүнө алып келди. 2022-жылдын аягына карата 2 млн жумушчу орундун жок болушун жана жумушсуздуктун 7.1 – 7.8 пайызга өсүшүн күтүүгө болот, ал эми эмгек рыногунун калыбына келүүсү 2023-жылы гана башталат[4].

Бул процесстер эмгек рыногуна дагы таасир кылат, алдыңкы рекрутинг порталдарынын[5] билдирүүлөрүнө караганда азыртадан эле кай бир кесиптер боюнча бош жумушчу орундардын кыскарышы, башкалары боюнча акырындык менен көбөйүүсү байкалууда. Айтсак, hh.ru дагы 2022-жылдын апрель айындагы маалыматка караганда маркетинг, HR, мамлекеттик кызмат, автобизнес, камсыздоо жана административдик персонал багыттарында бош орундар 20-30 пайызга азайган, ошол эле учурда илим, билим жана туризм багыттарында 4 % га көбөйгөн. Көп мезгилден бери биринчи жолу Россияда курьердик жеткирип берүү кызматында бош жумушчу орундун саны кыскарган. 2022-жылдын башталышы менен Россиянын эмгек рыногунда кол эмгеги менен иштегендердин жумушчу орундары көбөйгөнүн Superjob иликтөөлөрүнүн учурунда аныкталган. Коомдук тамактануу тармагында 20% га, территорияларды тазалап тартипке келтирүү кызматчыларына суроо-талап 30 % га, курулуштагы жумушчуларга жана көмөкчү жумушчуларга талап 9 % га көбөйгөн. Кызык жери, курьерлерге талап төмөндөгөн, бош орундардын азайышы 12 пайызды түзгөн.

Россия Федерациясынын Стратегиялык иштеп чыгуу борборунун (РФ СИБ) баамдоосу боюнча Россиянын 63 % субъектисинде жумушсуздуктун олуттуу өсүшү болот, 16 аймагында 2022-жылдын январь-мартындагы орточо деңгээлге карата 2 же андан көп эсе өсөт, ал эми 53 аймагында 1.5 же андан көп эсе өсөт. Экономикасында өнөр-жай түзүмү орчундуу болгон аймактарда, айрыкча авто өнөр-жай, полиграфия жана басма, зер буюмдар, токой чарба өнөр-жайлары жана жыгачтан буюмдарды жасоо багыттарынын салымы чоң аймактарда экспорт менен импорттун критикалык өлчөмдөн төмөн болуп чектелишине байланыштуу жумушсуздук бардыгынан көп жогорулайт.

Компаниялардын 45 пайызында 2022-жылдын аягына чейин кызматчыларды кабыл алуу чукулунан кыскарып же токтоп жатат. Мындай чечим кабыл алган компаниялардын көпчүлүгү Москвада (71 %), Санкт-Петербургда (51 %) жана Приволжское федералдык округунда, ага Нижний-Новгород жана Казан (47 %) шаарлары кирет[6]. Компаниялардын 23 пайызы февраль айынын аягы менен кызматчылардын саны буга чейин кыскартылды, ал эми 9 пайызында жылдын аягына чейин сөзсүз кыскартуу болот деп күтүлүп жатат. Жумуштан кетирилгендер биринчи кезекте бек-офистердин, сатуу бөлүмдөрүнүн жана HR кызматчылары, ошондой эле логистикадагы, транспорттогу жана жеткирип берүүдөгү жолдо жүрүүчү кызматчылар болду же болуусу мүмкүн.

Skillbox билим берүү платформасынын сурамжылоосуна ылайык россиялыктардын 64 пайызы өзүнүн жумуш орду жөнүндө кабатыр болушат. Үчтөн экиси өздөрүнүн карьерасынын келечегин түшүнүшпөйт, 38 % жумушун жоготуудан коркушат, 29 % эмгек рыногунда өз кесиптери жараксыз болуп калат деп кооптонушат.

Украинадагы согуш аракеттери башталгандан бир нече күн өткөндөн кийин эле Борбордук Азиядан келген мигранттардын эмгек акылары кадырэсе эле төмөндөп кетти.

Россияда Кыргыз Республикасынан келген 800 миңден ашуун эмгек-мигранттары иштейт, алардын олуттуу көпчүлүгү мекенине акча каражатын которуп турушат. Борбордук Азиядагы көп өлкөлөр Россиядан келе турган акча каражаттарынын которулуусунан көз каранды. Кыргыз Республикасында болсо Россиядан которулган акчанын үлүшү 2021-жылдын 1-3 кварталдарында жалпы которуулардын 83 пайызын түздү[7], бул болсо өлкө боюнча товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна тең чамал же андан ашык (7-Таблица).

Эми болсо бул которуулар, сом менен алганда, 20 пайызга кыскарды[8]. Ал эми Дүйнөлүк Банктын божомолу

4 РФ БСК, Жаңы экономикалык шарттардагы эмгек рыногу

5 HH.ru: Россия -эмгек рыногунун статистикасы [Электрондук ресурс]. URL: https://stats.hh.ru/ SuperJob: акыркы жумаларда жеткирип берүү кызматтарында бош жумушчу орундун саны өстү. Retail.ru – ритейлер жана жеткирип берүүчүлөр үчүн портал [Электрондук ресурс].URL: https://www.retail.ru/news/superjob-kolichestvo-vakansiy-v-sluzhbakh-dostavki-uvelichilos-za-poslednie-nede-12-maya-2022-216631/

6 HeadHunter жумуш издөө сервиси ушундай тыянактарга келген, ал Forbes – тин өтүнүчү боюнча курулуш жана кыймылсыз мүлк, өндүрүш жана айыл чарбасы, маалымат технологиялары, телекоммуникация жана сатуулар тармактарынан 420 дан ашуун HR-директорлорду сурамжылаган.

7 КР Улуттук банкынын маалыматы боюнча.

8 КР Улуттук Банкынын маалыматы, 2022-жылдын 1-кварталына карата

**7-ТАБЛИЦА.** *РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН БОРБОРДУК АЗИЯДАН КЕЛГЕН МИГРАНТТАРДЫН АКЧА КАРАЖАТЫН КОТОРУУСУНА КИРГИЗГЕН САНКЦИЯСЫНЫН ТААСИРИ* (Россия Банкы жана KNOMAD-World Bank)

| Өлкөлөр | Акча которуунун кириши, 2020 (млн АКШ долл.) | ИДПге карата % менен, 2020-ж. | Россиядан акча которуунун үлүшү, 1-2 квартал 2021-ж. | Өсүүнүн алдын-ала прогнозу, 2022-ж. | Өсүүнүн 2022 – жылга карата такталган прогнозу* |
|---|---|---|---|---|---|
| Казакстан | 374 | 0,2% | 51% | 7% | -17% |
| Кыргызстан | 2 423 | 31,3% | 83% | 3% | -33% |
| Тажикстан | 2 187 | 26,7% | 58% | 2% | -22% |
| Өзбекстан | 6 980 | 11,6% | 55% | 3% | -21% |

Эскертүү: * Россиядан акча которуунун 40 пайызга кыскаруусу шартында. Мында башка өлкөлөр боюнча божомолдонгон өсүү темпи миграциянын жана өнүгүүнүн кыска баяндамасында 35 (KNOMAD–Дүйнөлүк банк, ноябрь 2021-ж.) көрсөтүлгөндөн өзгөрбөйт деп алынып жатат.

боюнча жылдын аягына чейин 33 % га кыскарат. Рублдин девальвациясы эмгек-мигранттарынын эмгек акысынын азайышына алып келди. Бул болсо Россиядагы кыргыз жумушчуларынын наразычылыгын туудурганы түшүнүктүү. Алардын көпчүлүгү жумуш берүүчүлөрдөн өздөрүнүн рубль менен төлөнгөн эмгек акыларын көбөйтүүнү талап кылуусу ыктымал. Өз кезегинде акча которуулардын кыскаруусу мигранттар чыккан өлкөлөрдүн экономикасынын төмөндөөсүнө жана жакырчылыктын деңгээлинин жогорулашына алып келүү коркунучун жаратат.

2020-жылы эмгек-мигранттары жөнөткөн кирешелер Кыргызстандын Ички дүң продукциясынын (ИДП) 31 пайызын түзгөн, ошондой эле улуттук деңгээлде жакырчылыктын деңгээлин 9.3 пайызга төмөндөтүүгө өбөлгө түзгөн, бул учурда 613 800 адам жакырчылыкта калбаш үчүн ушул акча которууларына ишенип турушкан, айрыкча элет жериндегилер[9].

БУУнун өтө терең жакырчылык жана адам укуктары боюнча атайын баяндамачысы Оливье Де Шуттердин 2022-жылдын май айындагы атайын иш сапарынын жыйынтыгына ылайык бүгүнкү күнү акча которулуулары коопсуздуктун маанилүү түзүмү болуп саналат: Эң жакыр децилдеги[10] үй чарбалардын 35 пайызынан көбү эң бай децилдегилерге караганда 8 пайызга көп акча каражатын которууларды алышат, ал которуулар эң жакыр үй чарбалардын кирешелеринин 70 пайызын түзөт[11]

*(ДЕЦИЛЬ КОЭФФИЦИЕНТИ (французча décile – ондон бир бөлүк, ондон бир үлүш, латын тилинде decem – он), социалдык статистикада калктын кирешеге (чыгашага, керектөөгө) карата катмарланып бөлүнүүсүн баалоо үчүн колдонуучу көрсөткүч, ал калктын эки карама каршы турган тобунун (кирешеси жогору жана кирешеси аз) кирешелерин салыштырууга негизделет).*

Россия Федерациясына карата эл аралык санкциялардын киргизилишинин натыйжасында жумушчу орундар кыскарып, эмгек акылар төмөндөп, эмгек-мигранттары жумуштан бошотулду. Бул көмүскө экономика чөйрөсүндө өтө актуалдуу, ал жакта эмгек кодексинин талаптарын аткаруу анча маанилүү эмес.

Россия Федерациясынын Тышкы иштер министирлигинин алдындагы Миграция иштери боюнча башкы башкармалыктын (РФ ТИМ МИБ) билдирүүсү боюнча жылына миграциялык каттоодон жумуш иштөө максатында 4 млн 500 миң эмгек-мигранты өткөрүлөт, алырдын 3 млн 800 миңи гана легалдуу сектордо иштешет, калган бөлүгү бейформал сектордо эмгек келишим түзбөстөн эмгектенишет. Бейформал сектордо иштеген мигранттар, айрыкча аял мигранттар, эң эле аз чонемде корголгондор болуп кала беришүүдө.

“Мигранттардын кесиптик союзу” тарабынан жүргүзүлгөн экспресс-иликтөөгө ылайык Украинадагы согуш аракеттеринин башталгандыгына бир жума болгондо Россиядагы бир катар ишканалардын жабылуусу менен көптөгөн мигранттар жумушсуз калган, ал эми ким иштеген ишин сактап калган болсо, алар рублдин инфляциясына байланыштуу оор абалда, ошондой эле жашоонун баасы бир топ өсүп кетти. Сурамжыланган респонденттердин 95 пайызы сакциялар түз же кыйыр түрдө алардын абалына таасир бергендигин белгилешкен (азык-түлүккө баанын өсүшү, эмгек акынын төмөндөшү, жумушка орношуунун татаалдыгы). Ал эми 40 пайызы балким кайра үйгө кетүү керек деп эсептешет.

Эң эле жабыр тарткандар болуп платформалык экономика тармагындагы иштегендер (такси, курьер кызматы), тейлөө, коомдук тамактануу жана сатуу тармагындагылар айтылган.

Россия Федерациясында жумушчу орундардын кы-

9 ИДП, Миграция, Азык-түлүк коопсуздугу жана азыктануу, 2021-ж., декабрь

10 Эл аралык валюта Фондусу, 2021, Статья IV Консультациялык баяндама, август 2021-ж.,август, 48-бет

11 БУУнун Азык-түлүк жана айыл чарба уюму менен Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасы, Украина-Россия жаңжалынын азык-түлүк коопсуздугу боюнча кесепети: глобалдык масштабда жана Кыргыз Республикасында, 2022-жылдын 24-марты, 4-бет.

скаруусу өз жарандарынын ичтеги иш менен камсыз болуусунун абалына олуттуу таасир тийгизбеши үчүн активдүү чараларды көрүп жатат. Ушуга байланыштуу терс таасирди көбүрөөк ченемде эмгек-мигранттары сезишти.

Россиядагы эмгек рыногундагы өзгөрүүлөрдүн Кыргыз Республикасынан келген эмгек-мигранттарына тийгизген таасири кандай болду?

Көмүскө жумушсуздуктун тобокелчилиги өстү, ошондой эле жаңы келген эмгек-мигранттарынын жумушка орношуусунда көйгөйлөр жаралды. Россия кезектеги кризиске кабылды, ал болсо бүтүндөй экономиканын көп жылдык стагнациясына өтүп кетүү коркунучун жаратты.

Батыштын санкциялары жана ага каршы санкциялар экономикалык активдүүлүккө терс таасир берди, бул болсо эмгек рыногуна чагылып жатат. Ал эми 2022-жылы санкциялык кысым астында россиялык экономика өтө терең төмөндөп кетти. Ал эми өндүрүштүн кыскарышы экономикада пропорциялык түрдө эле жумушсуздукту көбөйтөт. Иш берүүчүлөр калктын керектөөлөрү төмөндөп жаткан кырдаалда өздөрүнүн чыгымдарын азайтууну көздөп кызматчыларды иштен кетире башташты. Бирок Россиянын эмгек рыногунда акыркы жылдарда калыптанып калган бир катар өзгөчөлүктөр бар. Киргизилген санкцияларга карабастан 2022-жылдын май айында жумушсуздуктун деңгээли тарыхый минимумга жетип 3.9 пайызды түздү. Россиянын экономика жана өнүгүү министирлигинин макро-прогнозуна караганда жумушсуздуктун жогорку чегине жетүү III кварталда болот, ал эми жылдын жыйынтыгы боюнча жумушсуздук 6.7 пайызга чейин өсөт, бул болсо 2009-жылдагы кризис учурундагы көрсөткүчтөн гана төмөн. Эмгек рыногунун экономикалык кризиске карай солгун реакция кылуусу Россия эмгек рыногунда акыркы жылдарда жумушчу күчү таңсык болгондугу менен, ошондой эле иш берүүчүлөрдүн пандемия учурунда тажрыйба алып калгандыгы менен түшүндүрүлөт.

Кризис жумуш орундарынын кыскаруусу аркылуу жеңилдеп өтүп кетпейт, ал эмгек кирешелеринин төмөндөшү менен жеңилдейт. Мунун себеби Россиянын мыйзамдарында. Аларга ылайык жумушчуларды кетирүү кымбатка түшүп калат, анын үстүнө көп убакытты дагы талап кылат, ошондуктан иш берүүчүлөр ар кандай айла-амалдарды жасашат, кызматчылардын бир бөлүгү өз ыктыяры менен компаниядан кетишине мажбур кылат, же болбосо алар кирешенин азайышына макул болуусу керек.



**8-ТАБЛИЦА.** *РОССИЯДАГЫ МИГРАНТТАР ҮЧҮН «ИНСАН-ЛЕЙЛЕК» КФ ИШЕНИМ ТЕЛЕФОНУ ТАРАБЫНАН КАБЫЛ АЛЫНГАН КАЙРЫЛУУЛАРДЫН КАТЕГОРИЯЛАРЫ*

| № | Кайрылуу темалары | Телефон чалуунун саны, 2022-ж., январь-май |
|---|---|---|
| 1 | Эки же андан көп административдик бузуу жасаган Кыргызстандык жарандарды “тыюу салынгандардын тизмесине” киргизүү | 2 598 |
| 2 | Миграциялык каттоого байланыштуу суроолор | 867 |
| 3 | Жумуш ордунда коопсуздук техникасын сактабоо | 388 |
| 4 | Дактилоскопия жана медициналык кароодон өтүү | 1 265 |
| 5 | Өзүн “Россияга кирүүгө тыюу салынгандардын тизмесинен” же “кара тизмеден” текшерүү | 450 |
| 6 | Үй бүлөдөгү зомбулук учурунда, гендердик зомбулук учурунда жана жумуш ордундагы харассмент болгондо психологиялык колдоо | 700 |
| 7 | Россия паспорту бар Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн мобилизация, атайын аскер операциясына катышуу үчүн армияга чакыруу маселелери | 1 032 |
| 8 | Россиялык жана Кыргызстандык авиакомпаниялардын Кыргызстанга учуусу жөнүндө суроолор | 302 |
| 9 | Россия жарандыгын алуу жана чыгуу маселелери | 2 407 |
| 10 | Акча каражатын которуудагы кыйынчылыктар | 573 |
| 11 | Турмуштук оор кырдаалдарда жардам сурап кайрылуу | 754 |
| 12 | 200 жүгүнүн маселелери | 100 |

Бирок белгилей кетүү зарыл, санкциялар, чет өлкөлүк компаниялардын чыгып кетүүсү жана ушуга байланыштуу Россия экономикасындагы кризистик көрүнүштөр эмгек-мигранттарынын чыгып кетүүсүнө алып келген жок.

КР Тышкы иштер министирлиги (анын атынан Элчилик катышат), “Инсан-Лейлек” Коомдук Фондусу жана “Мигранттар кесиптик союзу” тарабынан түзүлгөн кызматташуу жөнүндөгү Меморандумдун алкагында 2022-жылдын январь айында Москва шаарында Кыргыз Республикасынын Россиядагы Элчилигинин базасында ыкчам байланыш иштей баштады. Ыкчам байланыштын ишинин жыйынтыгы боюнча Россиянын Украинадагы атайын аскердик операциясынын башталышы менен 2022-жылдын март айынан тарта октябрь айына чейин чет өлкөлүктөрдүн катышуусу бар ишканаларда (авто өнөр жайлар, Самсунг жана LG, кир жуучу машиналарды чыгаруу, автомашиналарды жыйноо ж.б.) иштеп жаткан мигранттарды массалык иштен кетирүү жөнүндө телефон чалуулар көбөйгөн (19 %). Рублдин курсунун түшүп кетүүсү менен, банктардын ишиндеги чектөөлөрдөн улам жана эл аралык төлөмдөр түзүмүнүн Россиядан чыгып кетүүсү менен Россиядан акча каражаттарын жөнөтө албай жаткандыктары жөнүндө эмгек-мигранттары даттанышууда.

Россиялык иш берүүчүлөр эмгек акыны төлөп берүүдө кыйынчылыктарга дуушар болушту. Каражат үнөмдөө максатында иш берүүчүлөр ар кандай амалдарга барышып, анын ичинде эмгек келишими жок эле иштөөнү суранышууда. Жогоруда айтылган себептер жалпы жонунан эмгек-мигранттарынын көмүскө экономикада иштешинин өсүшүнө таасир берди, ал болсо өз кезегинде эмгек укуктардын бузулушуна, мажбурлап иштетүүгө жана эксплуатацияга алып келет. Иштеп жүргөн эмгек-мигранттарынын арасында өздөрүнүн коопсуздугу, акча которуунун келечеги жана иштеп жүргөн өлкөдө өзгөчө кырдаал болуп калса өз мекенине кайтууда болуучу кыйынчылыктар жөнүндө кабатыр болгондор көбөйүүдө.

2022-жылдын 9-январынан 31-октябрына чейин ыкчам байланыш боюнча 11 437 натыйжалуу телефон чалуу кабыл алынган.

# ИЗИЛДӨӨ МЕТОДОЛОГИЯСЫ

Изилдөөнүн башкы максаты Россия Федерациясына карата санкциялардын Кыргыз Республикасынан келген эмгек-мигранттарына тийгизген таасиринин өзгөчөлүктөрүн аныктоо болгон. Изилдөө кабинеттик иликтөөлөрдү, онлайн сурамжылоолорду, терең интервьюларды жана фокус-тооптордогу дискуссияларды жүргүзүү аркылуу сапаттуу маалыматтарды алууга негизделген. Бул изилдөөдө негизги көңүл Украинадагы атайын аскердик операцияга байланыштуу Россия Федерациясына карата эл аралык экономикалык санкциялар киргизилгенден кийин өз эмгек укуктарынын бузулуусуна туш келген эмгек-мигранттарына бурулган.

Изилдөөнүн милдеттери:

1. Санкциялардын кириши менен эң көп жапа чеккен Кыргызстандык эмгек-мигранттары иштеп жаткан негизги экономика тармактарын иликтөө.
2. Болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн Кыргызстандык эмгек-мигранттарынын эмгек укуктарына тийгизген таасиринин өзгөчөлүктөрүн иликтөө.
3. Россия Федерациясына карата санкциялардын эмгек-мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн күнүмдүк турмушуна тийгизген таасирин иликтөө.
4. Эмгек-мигранттарынын Россиянын эмгек рыногундагы өзгөрүүлөргө карата мамилесин жана келечекке карай алардын пландарын баамдоо.
5. Россияга Кыргызстандан келип иштеп жаткан мигранттардын эмгек потенциалына басым жасоо менен эмгек миграциясын диверсификациялоо мүмкүнчүлүгүн изилдөө.

Изилдөөгө бардыгы болуп Россияга Кыргыз Республикасынан келген 361 эмгек-мигранты катышты.

Эмпирикалык маалыматты жыйноо мезгили: 2022-жылдын июль-сентябрь айлары.

Маалыматты жыйноо аспаптары:

1. Кабинеттик изилдөө: Кыргызстандан Россияга карай болуп жаткан миграциялык процесстер жөнүндө колдо бар маалымат ресурстарын жана отчетторду, ошондой эле санкцияларга байланыштуу Россиядагы экономикалык кризистин мигранттардын эмгек укуктарын сактоого тийгизген таасирин иликтөө.
2. Кыргызстандан жумушка орношуу максатында чыгышкан жана Россияда бир жылдан көп жүрүшкөн эмгек-мигранттарын онлайн-сурамжылоо, бул болсо экономикалык санкцияларга чейинки жана андан кийинки мигранттардын эмгек укуктарын бузуулардын чениминдеги өзгөрүүлөрдү салыштырууга мүмкүнчүлүк берет. Сурамжылоо 306 адамды камтыды. Сурамжылоо Google онлайн-формасынын жардамы менен жүргүзүлдү. Чет өлкөдөгү мекендештерди табуу үчүн Мигранттардын кесиптик союзунун мүчөлөрү тартылды, ошондой эле “Мигранттар кесиптик союзу”, “Мигранттар үчүн жаңылыктар”, “Кыргызстандыктар чет өлкөдө” сыяктуу социалдык түйүндөр менен жабык топтор, жеке байланыштар дагы колдонулду. Катышуучуларга шилтеме жөнөтүлүп, ал аркылуу алар 5-10 мүнөт ичинде чакан анкетадагы суроолорго жооп бере алышты.
3. Эмгек-мигранттары, мурдагы эмгек-мигранттары (алардын ичинде экономикалык санкциялардан кийин кайткандары дагы бар) менен Терең интервьюлар:

   - Москва шаарында – 10 терең интервью,
   - Баткенде – кайткан мигранттар менен 5 терең интервью - жүргүзүлгөн

   Бардык терең интервьюлар аудио жаздырылган.

4. Фокус-топтордогу дискуссияларды (ФТД) өткөрүү бир нече маалымат берүүчүлөр менен бир эле мезгилде интервью уюштурууну талап кылат. Талкууну формалдаштыруунун деңгээли жарым жартылай түзүмдөштүрүлгөн болчу, бул болсо алынган жооптордун негизинде жаңы суроолорду берүүгө мүмкүнчүлүк түздү. Эмгек-мигранттарынын ар кандай топторунун ортосундагы Фокус-топтор Россия эмгек рыногундагы өзгөрүүлөргө карата жеке мамилени, алар туш келип жаткан көйгөйлөрдү жана алар өздөрүнүн жана өз үй-бүлөлөрүнүн келечегин кандай көрө тургандыгын билүүгө мүмкүнчүлүк берди. Бардыгы болуп 4 фокус-топтордогу дискуссиялар өткөрүлдү:

- 1 фокус-топ Екатеринбург шаарында 10 мигранттын катышуусу менен.
- 2 фокус-топ Москва шаарында 20 адам.
- 1 фокус-топ Баткенде 10 адамдын катышуусу менен, башкача айтканда кайра кайтып келген мигранттар менен, алар Россия Федерациясына карата экономикалык санкциялардын айынан ишин жоготконуна байланыштуу кайтышкан.

5. Эксперттик интервьюлар жарым жартылай түзүмдөштүрүлгөн маектешүү түрүндө болгон, суроолор ар кандай жооп алууга ылайыкташып түзүлгөн, алар дискуссияга түрткү болушат, ошону менен бирге иликтөөчүлөргө татаал маселелерди толугураак жана так түшүнүүгө мүмкүнчүлүк беришет. Эксперттик интервьюлар төмөнкү иликтөөчүлөр тарабынан жүргүзүлдү:

- Эмилбек Джураев – политолог.
- Эльмира Ногойбаева – эксперт, коомдук-саясий жана социалдык процесстерди иликтөөчү.

6.

# РЕСПОНДЕНТТЕР ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Бул изилдөөгө катышкан респонденттердинн жалпы саны – 361 (анын 15 респонденти интервьюларга катышты, 306 – онлайн сурамжылоого жана 40 – фокус-топтордогу дисккуссияларга). Алардын 341 изилдөөлөр жүрүп жаткан мезгилде Россиянын аймагында болушту, ал эми 20 респондент жумушка орношуудагы кыйынчылыктарга жана жашоонун жаңы шарттарына байланыштуу мекенине кайтып кетүүгө үлгүрүштү.

### ОНЛАЙН АНКЕТАЛЫК ИЛИКТӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

## РЕСПОНДЕНТТЕРДИН СОЦИАЛДЫК ЖАНА ДЕМОГРАФИЯЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ


Бардыгы болуп Google форма аркылуу 306 адам сурамжыланган. Аял жана эркек респонденттердин саны дээрлик бирдей болгон: тиешелүү түрдө - аялдар 49 %, эркектер 51%.

Сурамжылоого Москвада ( 202), Екатеринбургда (63), Санкт-Петербургда (23), Новосибирскде (8) ж.б. иштеп жүргөн эмгек-мигранттары катышкан. Алардын 18 ден 62 жашка чейин ар кандай жаш курак категориясынан болгон.


Сурамжылоого катышкандардын ичинде жаштар көп болгон, негизинен 20 жаштан 40 ка чейинкилер (240 адам). 90-жылдардын башына жана 2000-жылдардан айырмаланып азыр эмгек миграциясы гендердик жактан теңделип калды. Жаш эркектер менен жаш аялзаты эмгек миграциясына бирдей эле ченемде кетип жатышат, ал эми 41 жаштан 60 жашка чейинки жаш курактагыларда эркектер көптүк кылат ( 62 % менен 38 % катыштыгында). Миграциялык агымдарда негизинен жаш эркектер болгону менен мигранттардын арасында аялдардын саны дагы өстү. 2014-жылы Россиядагы Кыргызстандык мигранттардын дээрлик 40 пайызы аялзаты болгон, ошол эле учурда тажик жана өзбек аялдар бул өлкөлөрдөн келген мигранттардын 20 пайызынан азын түзөт. Расмий эмес маалыматтарга караганда өткөн мезгилде миграциядагы аялзатынын саны эки эсеге өскөн, бирок так статистикалык маалымат жок.

Респонденттердин орточо жаш курагы 34 жашты түздү. Ушундан улам бул изилдөөдө негизинен стажы


**1-ДИАГРАММА.** *ОНЛАЙН СУРАМЖЫЛООДОГУ РЕСПОНДЕНТТЕРДИН ГЕОГРАФИЯЛЫК ЖАЙГАШУУСУ.*




**2-ДИАГРАММА.** *СУРАМЖЫЛООГО КАТЫШКАНДАРДЫН ЖЫНЫСЫНА КАРАТА БӨЛҮНҮҮСҮ (ДЕЗАГРЕГАЦИЯ), САНДЫК ЖАНА ПАЙЫЗДЫК КАТЫШЫ БОЮНЧА.*



**3-ДИАГРАММА.** *РЕСПОНДЕНТТЕРДИН ҮЙ-БҮЛӨЛҮК СТАТУСУ.*





4.8 жылды түзгөн жаш эмгек-мигранттарынын пикири чагылдырылган деп айтууга болот.

Респонденттердин көпчүлүгү (61%) үй-бүлөлү, алардын ичинен 65 пайызы (б.а. 122 адам) миграцияга "аялы/күйөөсү" жана "аялы/күйөөсү жана балдары" менен чыгып келдик деп жооп беришкен. Башкача айтканда, үй-бүлөсү менен кетип жаткан мигранттардын саны жыл өткөн сайын көбөйүүдө, анткени эмгек-мигранттары өздөрүнүн келечегин Россияда көрүшөт: туруктуу жашап калуу, билим алуу жана андан ары өнүгүү. Экинчи жагынан алсак, мигранттар барган сайын көбүрөөк өз үй-бүлөсү жана балдары менен чыгып кетип жатканы алардын өздөрүнүн аялдарын/күйөөлөрүн жана балдарын таштап кеткиси келбегендиги, анткени алар ажырашып кетүүдөн оолак болгусу, ата-эненин кароосу жок калган мигранттардын балдарына карата зомбулуктун күчөп бара жатышынан сактангысы келгендиги менен түшүндүрүлөт.


Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин мурдагы маалыматтарына, ошондой эле РФ ИИМдин берген көрсөткүчтөргө ылайык мигранттар Россия жарандыгын көбүрөөк алып жатышат. Бул

> *Менин күйөөм Россия жараны болгонуна көп жыл болду. Үч балабыз бар. Алар бул жерде окушат. Эгерде биз Кыргызстанга кайтсак, анда жумуш табыла тургандыгына, балдарды бага алаарыбызга ишеним жок. Балдарга дагы жарандык алууну каалап жатабыз, өзүм Кыргызстандын паспортунан баш тарткам. Документтер менен жеңил болушун, жумуш иштөө жеңил болушун, үй сатып алууну каалайбыз. Алдана берип тажадык. Биз менен (мигранттар менен) эмгек келишимин түзгүлөрү келишпейт. Эгерде Россия паспортун алсам жакшыраак жумуш табылабы деп ойлогом, ачык эле, ошону менен бирге балдар менен дагы көбүрөөк бирге болсом деймˮ.*
>
> **АЙСАНАМ, ФОКУС-ТОПТОГУ ДИСКУССИЯНЫН КАТЫШУУЧУСУ, 38 ЖАШТА**

**4-ДИАГРАММА.** *КЫРГЫЗСТАН ЖАРАНДАРЫНЫН РОССИЯ ЖАРАНДЫГЫН АЛУУ ДИНАМИКАСЫ (2017-2021-ЖЖ.)*



**5-ДИАГРАММА.** *РЕСПОНДЕНТТЕРДИН БИЛИМ ДЕҢГЭЭЛИ.*




*Биз жубайым экөөбүз 2019-жылы Россиянын паспортун алганбыз. Россиянын мыйзамдарын бузбайлы, кейгөйү жок эле иштейли деп ойлогонбуз. Мен энелик капитал алдым, биз ипотека келишимин түздүк. Атайын аскердик операциядан кийинки кыйынчылыктарга карабастан мекенибизге кайталы деген план жок".*

**АЙНУРА, ФОКУС-ТОПТОГУ ДИСКУССИЯНЫН КАТЫШУУЧУСУ, 32 ЖАШТА**

Россиянын миграциялык саясаты абдан көп өзгөрүүгө учурагандыгы, миграциялык мыйзамдар катаал болуп бара жаткандыгына байланыштуу. Ал эми Россия Федерациясынын жарандыгынын бар болуусу мигранттын ал жерде жүрүүсүн жеңилдетип, анын социалдык жана медициналык кызмат көрсөтүүгө жетүүсүн жакшыртат. Бирок Кыргыз Республикасынын ЕАЭБге кирүүсү менен Россия жарандыгын алууну каалагандардын саны азайат деп күтүлгөн. КР Тышкы иштер министирлигин билдирүүсүнө караганда 2021-жылы Россия Федерациясынын жарандыгын алгандардын саны 19 миңден ашуун болгон.

*Менин кесибим мугалим, бирок үйлөрдүн кире беришин тазалайм. Мен "Жилищник" башкармалыгында иштейм. Өзүмдү оңтойсуз сезем, бирок жашоо керек да. Оор шарттарда жашап кетүүгө, өзүмдү коргоого үйрөндүм. Дагы бир аз иштеп, баламды үйлөнтүп, анан кетем. Азыр бул жерде Луганскиден келген качкындар абдан көп, аларга дагы жумуш керек. Россиянын өз жарандарына дагы жумуш керек. Бирок биздин иштегенибизге көп болду, биз жакшы иштейбиз".*

**СУМАЯ, 52 ЖАШТА**

*Украинадагы атайын аскер операциясынын башталышы менен биздин эмгек акыбыз бир топ эле азайды. Бизге жумуш берип жаткан Турак-жай коммуналдык чарбасы бизди Украина Россияга кол салып калса бомбадан коргонуучу жай кылабыз деп жатышкан жертөлөлөрдү (подвал) акы төлөбөй эле бекер тазалоого мажбурлап жатышат. Ал жакка азык-түлүк, таза суу жана жылуу жууркандарды алып келишүүдө. Бул биздин жүрөктү түшүрүп жатат. Бирок азыр кете албайм. Мекенибизде бизди эч ким күтүп турган жок".*

**МАХПИРЕТ, 44 ЖАШТА**

## БИЛИМ ДЕҢГЭЭЛИ

Кыргызстандык эмгек-мигранттарынын билим деңгээли жетишерлик жогору. Респонденттердин 33 пайызы жогорку билимдүү, 22 пайызы атайын орто билимдүү, ал эми 30 пайызы орто билимдүү. Мигранттардын билиминин жогорку көрсөткүчтөрүнө карабастан алардын көпчүлүгү төмөнкү квалификациялуу жерлерде жумушка орношушкан, муну фокус-топтордогу дискуссиялар жана терең интервьюлар көрсөтүп турат.

# МИГРАЦИЯДАГЫ ТАЖРЫЙБА



## ЖУМУШКА ОРНОШУУ ЧӨЙРӨСҮ

**Мигранттар кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө эң көп иштешет (31.4 %).** Жумушка орношууда биринчи орунда клининг кызматтары турат (имараттарды, мейманканаларды жана хостелдерди тазалоо) - 32 респондент, экинчи орунда курьер кызматы жана платформалык экономика чөйрөсү (авто жана вело курьерлер) - 29 респондент, такси кызматы – 10, турак-жай коммуналдык чарба – 5, жана башкалар – 21 % (котормочулар, банк кызматкерлери, маркетологдор ж.б.).

Кыргызстандык мигранттар жумушка орношкон чөйрөдө экинчи орунда коомдук тамактануу турат – 17.3 %, көпчүлүк учурда поварлар, официанттар, тазалап-жыйноочулар, кассирлер жана менеджерлер (санынын азайышы боюнча аталды).

Үчүнчү орунда соода тармагы – 14.4 %, андан ары бьюти-кызмат көрсөтүү чөйрөсү жана бала багууга, оорулуларга же кары-картаңдарга каралашууга жекече жалдоо турат.

Кыргызстандык мигранттар курулуш тармагына жумушка орношууну анча каалашпайт, анткени ал жакта жумуш оор, эмгек акы төлөө начар, ошону менен бирге иш берүүчү тарабынан алдап кетүү тобокелчилиги өтө жогору.

Респондент болгон эмгек-мигранттарынын орточо стажы 4.8 жылды түздү. Респонденттердин 69 пайызы аларда эмгек келишими жок экендигин айтып жатышат. Ал эми катышкандардын 32 пайызы эмгек акы ар дайым

*Мен алгачкы жолу келгенде бир чоң объектиде кирпич коюп иштегем. Ал жерде эмгек келишими жок деле. Далаı жолу мени алдашып, айтылган акчаны төлөбөй коюшкан. Курьер болуу бир топ эле жакшы: курулушта көп болсо күнүнө 2.5 миң төлөчү, а бул жерде эгерде күнүнө 12 сааттан иштесең беш миң деле табасың. Азыр турак жайга ар кимден 20 миңден айына кетет, ал эми тамак-ашка 10 миң. Москвада каттоодо өтүүгө жана убактылуу жашап турууга жылына 6.5 – 7 миң кетет. Вакцина менен медициналык күбөлүккө дагы 10 – 15 миң рубль жылына. Ошондуктан курулушта иштеп деле кереги жок".*

**ЖАНЫБЕК, 42 ЖАШТА**

кечигип бериле тургандыгын белгилешти. Эмгек келишими жок ар бир экинчи мигрант келишими барлардан айырмаланып эмгек акыны бербей койгон учурларга көбүрөөк туш болушат. Эмгек келишимдин негизинде иштеп жатышкан эмгек-мигранттары эмгек акыны бербей коюу учурларына сейрек туш болот (1:7).


Эмне себептен эмгек келишимине кол койгон эмес элеңер деген суроого көпчүлүк мигранттар иш берүүчү алар менен андай келишимди түзүүгө кызыкдар эмес деп жооп беришет.

Жагымсыз тенденциялардын ичинен иш берүүчүнүн чечимине ылайык эмгек келишими жок эле иштеген эмгек-мигранттарынын санынын өсүшүн бөлүп көрсөтүүгө болот – 45 %, муну төмөнкү цитаталар дагы тастыктап турат:

*Иш берүүчү менен мигранттын ортосунда мыйзамдуу түрдө эмгек келишиминин түзүлүшү иш берүүчүнү чыгымга учуратат, анткени ал эмгек келишимин түзө турган болсо, анда ал кирешеге салынуучу салыкты жана башка төлөмдөрдү жасашы керек болот. Аларга ай сайын төлөнүүчү салыктар жана башка салымдар зыян алып келет".*

**МУХАММЕД, 33 ГОДА**

**6-ДИАГРАММА.** *ИЗИЛДӨӨГӨ КАТЫШКАН МИГРАНТТАРДЫН ЖУМУШКА ОРНОШУУ ЧӨЙРӨЛӨРҮ.*





*Эгерде иш берүүчү мигрантты легалдуу контракт менен ишке алса анда ал бир эмгек мигрантына эмгек акы үчүн орточо алганда 60 миң рубль сарпташы керек болот, ал эми контракты жок ишк алса анда мигрантка иш берүүчү орточо 30 миң рубль төлөйт. Мына ошондуктан көбүнчө мигранттарды эмгек келишими жок алышат».*

**АЛИМА, 48 ЛЕТ**

Екатеринбургдагы респонденттин айтымына караганда иш берүүчү Кыргызстандан келгендердин басымдуу көпчүлүгүнө жалган эмгек келишимин жалган каттоодон өткөрүү менен кошо түзүп койчу, өзүнүн эң жакын туугана гана туура жасаган. Бирок жергиликтүү кызматчылар мыйзамдуу түрдө эле ишке алынчу:

**7-ДИАГРАММА.** *МИГРАНТТАРДЫН ЭМГЕК УКУКТАРЫНЫН БУЗУЛУШУ МЕНЕН ЭМГЕК КЕЛИШИМ ЖОК БОЛГОНУНУН БАЙЛАНЫШЫ.*




*Менин эмгек келишимим жалган болчу, аны фирма берген, ошондой эле каттоодон өтүү дагы жалган жасалган. Аны мен чечкен жокмун..., жаңы ишке келгендердин бардыгы үчүн эле ушундай болчу. Негизинен бардыгына эле жалган келишим түзүп беришчү, орустар үчүн андай эмес, аларга, албетте, мыйзамдуу эмгек келишими берилчү».*

**САЛАМАТ, 40 ЖАШТА**


Эмгек акы жөнүндө маселе көтөргөн мигранттарды жумуштан кетиришкен:

*Мен иштей баштаганда менде мыйзамдуу эмгек келишими жок болчу. Биз иштеген жерде эки башка эмгек акыга башка-башка төлөм ведомосту даярдалчу, бирөө – 50 миң рубль, экинчиси – 25 миң рубль. Биз айына 25 миң сом деп көрсөтүлгөн ведомостко кол коюп эмгек акы алчубуз. Муну билип калып иш берүүчү менен байланышканбыз, ошондон кийин бизди дароо эле себебин айтпастан туруп жумуштан кетирип жиберишти».*

**МЕДЕРБЕК, 28 ЖАШТА**

“Мигранттардын кесиптик союзунун” маалыматы боюнча (бул уюм кесиптик союздун мүчөлөрүнө юридикалык консультацияларды берип турат) кайрылган жарандардын 95 пайызынын эмгек келишими жок. Ошондуктан эмгек акыга кошумча төлөмдөрдү талап кылуу өтө кыйын. Тиешелүү органдарга кайрылуу үчүн колдо расмий документ болуусу зарыл. Мыйзамдарда дагы, иш жүзүндө дагы эмгек акы төлөнбөй же кечиктирилип жаткан учурларда коргоого алуунун натыйжалуу механизмдери жок. Эмгек акыны сот жолу менен өндүрүп алуу механизми бар. Бирок сот иши өтө узак, көп убакытты жана материалдык чыгымдарды талап кылат. Бардык эле кызматчылар буга барууга даяр эмес. Ошентип, эмгек-мигранттарынын эмгек акысын уурдоо жогору бойдон калууда.

**8-ДИАГРАММА.** *КОНТРАКТТАРДЫН/ ЭМГЕК КЕЛИШИМДЕРИНИН ЖОК БОЛУУСУНУН СЕБЕПТЕРИ.*




Көпчүлүк учурда мигранттар менен ооз эки келишим түзүлөт, андай учурда кагазга башка сумма жазылып, колуна башка сумма берилет. “Мигранттардын кесиптик

союзунун" маалыматы боюнча Россияга карата санкциялардын башталышы менен жумуштан кетирүү, эмгек акыны төлөбөй коюу жана кыскартуулар боюнча мигранттардын кайрылуулары бир нече эсеге көбөйгөн. Мисалы, 2022-жылдын январь айында кесиптик союздун юристери күнүнө 4 кайрылуу алып турса, 2022-жылдын апрель айында кайрылуулардын саны күнүнө сегизге жеткен.

Анын ичинде, Россия Федерациясында иш берүүчү эмгек-мигрантын жумушка алып жатканда, ал төмөнкү иш-аракеттерди жасашы керек:

- Жумушчу-мигранттын документтери бар экендигин, алардын ички мазмунун жана мөөнөтүн текшерүү, мигрант өлкөдө легалдуу жүргөнүн жана аны менен иштөө мүмкүн экендигин тактоо.
- Эгерде документтерде эч кандай маселе жок болсо, анда эмгек келишимин же жарандык-укуктук келишим түзүүгө болот.
- Эмгек келишими түзүлгөндөн кийин РФ ИИМге 3 жумушчу күндүн ичинде билдирүү жөнөтүү зарыл.

Иш жүзүндө дагы бир кошумча эреже бар. Эмгек-мигрантына иштей берүүгө уруксаат берилиши аны менен эмгек мамилелери башталды дегенди билдирет.

Ошондуктан кызматчы менен иш берүүчүнүн ортосундагы келишимдин жоктугу алардын ортосунда эмгек мамилелери жок дегенди түшүндүрбөйт. Бул мигрант менен иштей баштагандыгы тууралуу иш берүүчү ИИМге билдирүү жөнөтүүсү керек дегенди көрсөтөт. Болбосо ага 1 млн рубль өлчөмүндөгү штраф салынат же иши 90 суткага токтотулат (РФ АБК – Россия Федерациясынын Административдик укук бузуулар жөнүндөгү Кодекси, 18.15 - статьянын 3- 4-бөлүмү). Мигранттар менен иш берүүчүлөрдүн ортосундагы "уурдалган" эмгек акы жөнүндөгү талашта ортого түшүүдө "Мигранттардын кесиптик союзу" ушул механизмдин өзүн колдонот.

Эмгек мамилелеринин белгилери РФ Эмгек Кодексинин 15- жана 56- статьяларында бекитилген, ошондой эле РФ Жогорку Сотунун Пленумунун 2018-жылдын 29-майындагы №15- токтомуна түшүндүрмө берилген. РФ Эмгек Кодексине ылайык эмгек мамилелеринин белгилери (15- жана 56-статьялар):

- Иш берүүчү кызматчыга шартталган эмгек функциясына ылайык иш тапшырат. Эмгек функциясы – бул штаттык расписаниеге ылайык кызмат ордунда, кесипте, адистикте квалификациясын же кызматчыга тапшырылып жаткан иштин так түрүн көрсөтүү менен иштөө (РФ ЭК 15-статья). Мисалы, сатуучу, айдоочу, косметолог, администратор.
- Кызматчы эмгек функциясын жеке өзү аткарат, ал эми иш берүүчү процессти көзөмөлдөйт жана аны башкарат.
- Иш берүүчү жумуш шартын камсыз кылат – буга адам иштеп жаткан шарт, анын ичинде жумушчу орун, ошондой эле эмгек коопсуздугу боюнча



стандарттар, эмгек жана эс алуу режими кирет.

- Иш берүүчү кызматчыга эмгек акы төлөйт. Кызматчыга мезгил-мезгили менен төлөнүүчү акы дагы (ал анын жалгыз жана/же негизги киреше булагы болсо) эмгек мамилелеринин белгиси катары каралат.
- Кызматчы иш берүүчүнүн ички эмгек тартибин сактоого милдеттүү. Мисалы, ал иш ордунда болуусу керек, ал эми ал аралыкта болуу менен иштеп жатса же белгилүү сааттарда гана иштей турган болсо, анда байланыш үчүн жеткиликтүү болушу керек.


## РОССИЯГА КАРАТА ЭКОНОМИКАЛЫК САНКЦИЯЛАРДЫН ЭМГЕК-МИГРАНТТАРЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

9-диаграммадан көрүнүп тургандай Россиядагы экономикалык кризис башталгандан кийин жашоонун сапаты жана ишке орношуу шарты начарлаганын респонденттердин 46 пайызы белгилеген, ошол эле учурда алардын 25 пайызы бардыгы мурдагыдай эле деңгээлде калды дешет. Респонденттердин 11 пайызы алардын абалы экономикалык кризис башталгандан кийин тетирисинче жеңилдеди деп айтышат, бирок өз жообун негиздешкен эмес.

Фокус-топтордогу дискуссиялар көрсөткөндөй, мигранттардын күнүмдүк жашоосуна азык-түлүктүн кымбатташы таасир тийгизген, бул санкциялар киргенден кийинки биринчи эки жумада болгон, андан кийин которуу суммасына чектөө киргизилгенине байланыштуу банк аркылуу акча которуудагы кыйынчылыктар, Visa жана Mastercard төлөм түзүмдөрүнүн иштебей калышы жана рубль курсунун түшүп кетүүсү тассир тийгизген. Рубль курсунун түшүп кетиши менен азык-түлүктүн кымбатташы мигранттардын абалына өтө катуу терс таасир берген: иштеп тапкан акча каражаты күнүмдүк чыгымдарга араң жетип, үйгө акча которуулар кадырэсе азайган.

Эл аралык санкция чаралары эмгектин көптөгөн тармагына таасирин тийгизген, алардын ичинде Борбордук

**9-ДИАГРАММА.** *САНЦИЯЛАР МИГРАНТТАРДЫН ЭМГЕКТЕНҮҮСҮНӨ КАНДАЙ ТААСИР ТИЙГИЗГЕН.*




**10-ДИАГРАММА.** *САНЦИЯЛАРДЫН АЙЫНАН ЭҢ КӨП ЖАБЫР ТАРТКАН ЧӨЙРӨЛӨР.*





Азидан келген эмгек-мигранттары салт катары иштеген тармактарга дагы.

Эмгек-мигранттарынын пикири боюнча биринчи орунда кызмат көрсөтүү чөйрөсү турат (такситтер, курьерлер, клининг ж.б.) – 28 %. Экинчи орунда коомдук тамактануу чөйрөсү – 27 %, андан ары курулуш тармагы – 24 %, соода – 10 %, ал эми жеке жалдоо жана бьюти-кызмат чөйрөсү тизмеде эң акыркы, тиешелүү түрдө 5 пайыздан.

Кыязы жеткирип берүү тармагындагы мигранттардын кирешесинин азайышынын себеби азык-түлүк менен ресторандардагы тамактын баасынын жогорулашы болгон. Экономиканын төмөндөшү менен көптөгөн Россиялыктар өз чыгымдарын оптималдаштырууну чечишкен. Буга кошумча МакДональдс, KFC сыяктуу эл аралык компаниялардын фаст-фуддар түйүндөрүнүн жабылышы, ж.б.д.у.с, ошону менен бирге Apple Pay менен Google Pay төлөм сервистеринин токтошу дагы тамак-аш жеткирүү рыногунун түшүп кетүүсүнө себеп болгон. Ошондой эле негизи жок штрафтар менен бир заказдан түшүүчү кирешенин азайганын дагы жеткирип берүү тармагында иштетен мигранттар белгилешти. Эгерде мурда бир заказ үчүн 117 рубль алышса, кризистен кийин 70-80 рублга аз алып калышкан.

**11-ДИАГРАММА.** *МИГРАНТТАРДЫН ИШ МЕНЕН КАМСЫЗ БОЛУУСУНА САНКЦИЯЛАРДЫН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ.*




Курулуш тармагына дагы санкциялар терс таасир тийгизген. Бул тармакта дагы акча каражатын иштеп табам деп келгендер башынан эле көп иштейт. 1000 курулуш компаниясынын ичинен 40 пайызы “токтото туралы” деп чечишти, 29 пайызы мурунку курулуштарды бүткөрүү үчүн жаңы объектилерге каржылык салымдарын токтотушту, буга ташып жеткирүүнүн үзгүлтүккө учурашы менен материалдардын жоктугу себеп болду. Иш-аракеттин басаңдашына жана кирешенин төмөн түшүп кетишине чекене соода жана кызмат көрсөтүү сегментеринин көпчүлүгү туш болушту, бул жакта дагы эмгек-мигранттарынын олутту бөлүгү эмгектенет[12].

Албетте, жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөрдүн эмгек-мигранттарынын укуктарына таасири тийди. Биздин изилдөө боюнча респонденттердин 42 пайызынын жумуш убактысы менен эмгек акысы кыскартылган, ал эми мигранттардын 29 пайызы жумуштан толук кыскартылган. Фокус-топтордогу дискуссиялардагы билдирүүлөр боюнча жумушчуларды кыскартууда иш берүүчүлөр Россиянын жарандарынын иш ордун сактап калуу саясатын колдонушкан. Муну төмөнкү айтылган тастыктап турат:

12 “Синергия” өз алдынча жөнгө салуучулардын тармак аралык ассоциациясынын иликтөөлөрүнүндөгү маалымат боюнча.

*Мен кийим тигүүчү фабрикада иштечүмүн. Колумда кол коюлган эмгек келишими бар болчу. Бирок Россияга карата коюлган санкциялардан кийин биздин фабрика ири заказ берүүчүлөрүн жоготту, иш убактысын кыскартуу башталды. Белгилей кетким келет, биринчи кезекте мигранттардын иштөө сааты кыскартылды. Биз бардыгыбыз 18 киши элек. Ал эми жергиликтүү жумушчуларга толук иш убактысын сактоого аракет кылышты. Жарым ставкада бир ай иштегенден кийин бизди жумуштан толук бошотуп салышты, бизге компенсация төлөгөн жок, алдын ала эскертүү дагы болгон жок. Биз эртең менен жумушка келсек эле: “Тилекке каршы биз банкрот болуп калдык. Биз силерге төлөп бере албайбыз. Бүгүндөн баштап силер бошсуңар”,- дешти. Кудайга шүгүр, жок дегенде акыркы күндөр үчүн эмгек акыбызды беришти”.*

**АЗИЗА, 28 ЖАШТА**

Мигранттардын олуттуу бөлүгү акы төлөнбөй турган мөөнөтсүз өргүүгө жөнөтүлдү (13 %), эки жактын макулдугу менен деп аталган жумуштан кетирүүлөр болгон, иш берүүчүлөрдүн аз гана бөлүгү мигранттардын эмгек укугун сактоого кам көрүп, аларга акча төлөө менен убактылуу өргүү берген (2 %).

Украинадагы согуш аракеттеринин башталышы менен Россияда Украинага согуштук кол салуу жөнүндө маалымат таркатканы үчүн жазалоо катаал болуп калганын белгилеп кетүү зарыл. Укук коргоо органдары 3-4 кишиден топ болуп коомдук жайларда чогулган мигранттарды кармай баштаган.

*Атайын аскердик операция башталгандан кийин бизге согуш жөнүндө сүйлөөгө болбойт, болбосо бийликти жаманатты кылгандык үчүн кылмыш иши козголушу мүмкүн. Биздеги аптекаларда дароо эле товарлардын таңсыктыгы пайда болду. Биз Европадан, Кореядан, Америкадан сатып алабыз. Санкциялардан кийин ал товарлар бизге келбей калды. Мен азыр акы төлөнбөй турган өргүүдөмүн. Ар кайсы утурумдук жумуштарда иштеп жүрөм”.*

**ФАРХОД, 31 ЖАШТА**

Эксперттердин пикири боюнча эмгек-мигранттарынын юридикалык жардам алуу мүмкүнчүлүгү алардын өз укуктарын коргоой алуусуна өбөлгө боло турган негизги фактор. Бул изилдөөлөр көрсөтүп тургандаай кыргыз мигранттарынын 8 пайызы өздөрү Россияда жүргөн учурда юридикалык жардамдын зарылчылыгын сезишкен. Алардын 10 пайызы өздөрүнүн эмгек укуктары жөнүндө маалымат алууга муктаж болушкан. Мигранттар биринчи кезекте өздөрүнүн эмгектенүү шарттарынын жакшырышына муктаж экендигин белгилешет, буга эмгек акынын жогорулашы, акы төлөнгөн эмгек өргүүсү, иштин ыңгайлуу гарфики ж.б. кирет (16%).

**12-ДИАГРАММА.** *МИГРАНТТАРДЫН ЭМГЕК УКУГУН КОРГООНУН ЗАРЫЛ ЧАРАЛАРЫ.*





Эмгек-мигранттары өздөрүнүн эмгек укуктары бузулган учурда укук коргоо органдарына кайрылышпай тургандыгын билүү кызык, ушуга байланыштуу иш берүүчүлөр тарабынан көптөгөн бузуулар фактыларына көңүл бурулбай кала берет.

*Көбүнчө полицияда мигранттарга байланыштуу бузуулар катталбайт. Анткени бузууларга байланыштуу иштер ачылбай калса алар акчалай сыйлык албай калышат. Ошондуктан мигранттан арыз албай коюш максатында “прописканң кайда?”, “документтериң кайда?”, “мыйзамсыз миграция үчүн сага штраф салына турганын же түрмөгө отургуза турганын билесиңби?” деген сыяктуу ар кандай суроолорду бере башташат”.*

**АСАДБЕК, 39 ЖАШТА**

Эмгек рыногундагы катаал шарттар албетте эмгек-мигранттарынын айлык кирешесине таасир этти. Респонденттердин 20 пайызы санкциялардын айынан киреше азайды деп белгилешти, ал эми 35 пайызы болсо – жумушка орношуудагы кыйынчылыктардан улам, жумуш убактысынын кыскарышы жана эмгек акынын төмөндөшү менен кадырэсе эле азайды деп айтышты (13-диаграмманы кара).

**13-ДИАГРАММА.** *САНКЦИЯЛАРДЫН МИГРАНТТАРДЫН КИРЕШЕСИНЕ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ.*




*Мен санкциялардын айынан биринчилерден болуп кирешемди жоготтум, анткени биздин ишкана Украинадагы согуштук аракеттер башталышы менен эле дароо жабылып калды. Мен кир жуугуч машиналарды жыйноочу заводдо иштейм. Тилекке каршы иш берүүчү 2 жыл же андан мурда жумушка орношкондорду акча каражатын жарым-жартылай төлөө менен, ал эми жумушка орношкону бир жылдан аз болгондорду акча төлөбөй эле өргүүгө жөнөтүп жиберди. Ошентип мен белгисиз мөөнөткө жумушум дагы, кирешем дагы жок калдым. Арга жок убактылуу жумуштарда иштөөгө туура келип жатат: бирде пол жууйм, бирде короо шыпырам, бирде идиш-аяк жууйм. Жалпысынан алганда баары бир мурдагы заводдон алганга караганда кирешем аз».*

**АЛИЯ, 44 ЖАШТА**

Эмгек рыногундагы кризистин күчөп жаткандыгына жана массалык кыскартууларга байланыштуу эмгек-мигранттары өтө жабыр тартып калышты. Терең интервьюлардын жана фокус-топтордогу дискуссиялардын жүрүшүндө анык болгон эмгек укуктарынын бузулуш көрүнүштөрү өзгөчө кабатыр кылат. Эмгек акыны төлөбөй коюуга сурамжылоого катышкандардын 98 пайызы туш болгон. Көптөгөн эмгек-мигранттары дем алыш күндөрү же өздөрүнүн бош убактыларында негизги жумушунан сырткары келишим менен иштей турган жумуштарды аткарышат. Жумуш менен камсыз кылуунун бул сектору эмгек-мигранттары үчүн эң эле жагымсыз, анткени 100 пайыз учурда эч кандай документ түзүлбөйт. Аткарган иш үчүн төлөмдүн суммасы ооз эки эле макулдашылат. Бул жакта эмгек акыны бербей коюу, эмгектин коопсуздук техникасын бузуу, алдап кетүү жана мажбурлап иштетүү көп жолугат.

*Мен повардын жардамчысы болуп иштейм. Эмгек акы аз болгондон улам дем алыш күндөрү кошумча жумушка чыгам. Мындай жумуштарды мен мигранттардын WhatsApp топторунан ар бир дем алыш сайын таап алам. Ал жакта адатта бир жолку бүтүрө турган иштерди аткарыш үчүн мигранттарды издешет. Бир жолу мен Москвадагы базарлардын бириндеги коомдук даараткананы тазалоого чыктым. Биз эки киши элек. Базарда бизди бир эркек киши тосуп алды, аты Николай болсо керек эле. Ар бирибиз 2000 рубль алабыз деп макулдаштык. Ал бизге бардык тазалай турган жерлерди көрсөтүп туруп кетип калды. Биз бир күн ошол булганыч дааратканаларды жуудук, анан бизге төлөбөй коюшту. Сүйлөшүлгөн убакта макулдашкан жерге Николай келбей койду. Биз ага телефон чалсак телефону өчүрүлгөн. Анан биз базардын администрациясын издеп таптык, арызданалы деп, бирок ал жак жабык экен".*

**НАСИБАХАН, 27 ЖАШТА**

Пандемияга жана санцияларга чейин жугуштуу оорудай таркап жаткан "эмгек акыны уурдоо" деп аталган нерсе учурда жаңы күч менен өнүгө баштады. Кара санатай иш берүүчүлөр түзүлгөн кризистик кырдаалды өз пайдасына колдонуп жатышат. Банкрот болдук деген шылтоо менен алар эмгек-мигранттарын аларга эмгек акысын бербей туруп жумуштан кетирип жатышат. Мындай схемага биринчи кезекте эмгек келишими жок мигранттар түшүшөт. Ал эми келишими барлар болсо эмгек акыны талап кылуудан коркушат, дагы кандай өч алуу болот деп.

*Мен Борбордук Азиядан келген 8 мигрант менен бирге курулуш объектисинде маляр болуп 5 ай иштедим. Россияга карата санкциялар башталгандан кийин көптөрү мигранттарды массалык жумуштан кетирип жаткандыгы тууралуу айтып жатышкан. Ошол мезгилде биздин иш берүүчүбүз бизди жөн эле жумуштан кетирип салды. Башкысы ал бизге акыркы 3 жума үчүн эмгек акы берген жок. Тогуз кишинин эмгек акысы жакшы эле сумманы түздү – 324 миң рубль. Убада кылынган акчаны төлөп берүү жөнүндө биздин талапка ал санкциялардын кесепетинен банкрот болгонун, азыр төлөй албасын айтып жатты. Биз күтө турууну чечтик. Бир айдан кийин келсек ал дагы эле чоюп жатты. Эки ай өтүп кеткенден кийин биз аны полиция менен коркутууну чечтик. Анда ал бизди кайра коркутту – курулуш аспаптарын уурдады деп полицияга арыз берем деп. Албетте биз корктук. Полиция мигранттар менен көп деле машакаттанбайт. Баары бир биз күнөөлү болуп калабыз".*


**ТИЛЕК, 25 ЖАШТА**

"Россиядагы кризистен улам кетип калууга аракет кылган жоксузбу?" деген суроого 13 пайызы эбак эле Кыргызстанга кайтып кеткенин, 53 пайызы эми кетүүнү пландап жатканын, 34 пайыз респондент мекенинде жумуш табууга көзү жетпегенден улам кетпей тургандыгын айтышты.


Коронавирус пандемиясынан кийин жаңыдан эле өздөрүнүн экономикалык абалын оңдоп келе жаткан эмгек-мигранттары кайрадан туңгуюкка кабылышты. Санкциялардын айынан болуп жаткан эмгек рыногундагы олуттуу өзгөрүүлөр эмгек-мигранттарынын өз келечегине карата ишенимин жоготту. Азыркы учурда алар эки анжы абалда турушат: мекенге кайтуу керекпи же калыш керекпи.

Сурамжылоого катышкан мигранттарды 38 пайызы 2022-жылдын январь айына салыштырганда мекенине акча которуулары азайгандыгын белгилешти, 11 пайызы алардын акча которуулары анча-мынча эле азайды деп эсептешет. Ошол эле учурда 34 пайыз респондент алардын акча которууларына санкциялар эч кандай таасир кылбаганын айтышты.


**14-ДИАГРАММА.** *МИГРАНТТАРДЫН ЖАЛПЫ АБАЛЫНА ТИЙГЕН ТААСИР.*




**15-ДИАГРАММА.** *ЭМГЕК-МИГРАНТТАРЫНЫН ҮЙ-БҮЛӨЛӨРҮНҮН КАРЖЫЛЫК АБАЛЫНЫН НАЧАРЛАШЫ.*





Эмгек-мигранттарынын акча которуулары Кыргызстанды ички дүң продукциясынын (ИДП) олуттуу бөлүгүн түзөт, ошону менен бирге өлкөдөгү жакырчылыкты жоюунун механизми болуп эсептелет. Бирок жумушка орношуудагы кыйынчылыктардан жана массалык жумуштан кетирүүлөрдөн улам эмгек-мигранттарынын кирешелеринин төмөндөшү акча которуулардын азайышына алып келди. Мигранттардын айтуусу боюнча бул мекенинде калган алардын үй-бүлөлөрүнүн жашоо деңгээлин бир топ төмөндөттү. Респонденттердин 49 пайызы алардын мекениндеги үй-бүлөлөрү каржылык кыйынчылыктарга туш боло баштаганын тастыкташты.



## КОЛДОО ЧАРАЛАРЫ

Эмгек-мигранттарынын өздөрүнүн пикири боюнча мигранттар үчүн эмгек келишимдерин алууга бардык шарттарды түзүү зарыл (16 %), жумуш менен камсыз кылуу программаларына өбөлгө түзүү (9%), мамлекет тарабынан консультациялык колдоону күчөтүү, квалификацияны жогорулатуу жана жаңы квалификация алуу, адистиктерди сертификациялоо программаларын киргизүү керек. Ошондой эле Россиядан тышкары жактан жаңы эмгек рыногун издөөнү күчөтүү керек. Сурамжылоодон өткөндөрдүн басымдуу көпчүлүгү (52 %) кандай колдоого муктаж экендиктерин билбейт.


**16-ДИАГРАММА.** *КОЛДООНУН ЗАРЫЛ ЧАРАЛАРЫ*




Эгерде эмгек рыногундагы абал өзгөрбөсө, ошондой эле Россияда эмгек-мигранттарына карата саясат оң жагын карай жакшырбаса, анда мигранттар киреше табуу максатында бара турган өлкөнү өзгөртүү маселесин карашат. Респонденттердин 35 пайызы Европа өлкөлөрүнө кетүүнү каалашат, алардын ичинен 5 пайызы өзүнчө Германияны көрсөтүштү. Көп мигранттар кетүүгө мүмкүн болуучу өлкө катары Англияны көрсөтүштү – 10 %. Бул КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министирлигинин жарандарды чет өлкөлөрдө жумушка орноштуруу Борбору Улуу Британиянын AHRI-GR LTD компаниясы менен 2022-жылдан тарта Англияда мезгилдүү айыл чарба иштеринде иштөөгө мүмкүнчүлүк бере турган келишимге кол койгондугуна байланыштуу (SWP)[13].

Россиянын Украинага согуштук кол салуусунун башталышы жана жарыя кылынган жарым-жартылай аскердик мобилизация Борбордук Азиядан келген эмгек-мигранттарын эң көп тынчсыздантат[14]. Азыркы учурда чет өлкөлүктөрдү контракт менен Россия армиясынын катарында кызмат өтөө үчүн чакырууга чоң маалымат кампаниясы башталды. Сахароводогу мигранттар үчүн көп функционалдуу Борбордо эмгек-мигранттарын аскердик кызматка тартуу үчүн көчмө кабинет ачылган, ал жерде ай сайын берилүүчү пособие жана Россия Федерациясынын жарандыгын жеңилдетилген түрдө алууну сунуш кылышат.

**17-ДИАГРАММА.** *ЭМГЕК-МИГРАНТТАРЫ БАРУУНУ КААЛАГАН НЕГИЗГИ ӨЛКӨЛӨР.*




*Мен көптөн бери Россия жарандыгын алгым келип жүргөн, анткени Россияда жүрүүдөгү көйгөйлөрдөн кутулгум келчү. Согуш башталгандан кийин мага Жеке аскердик компанияга[15] кирүүнү сунуш кылышты, ошондой эле Украинада согушка катышууну. Согуштан кийин жеңилдетилген тартипте жарандык берүүнү убада кылышты, ошондой эле 240 миң рубль пособие. Мен көпкө ойлондум. Согушта менин 12 мекендешим каза болду. Ошондуктан тобокел кылган жокмун. Мен бул сунуштан араң баш тарттым. Согуш – бул коркунучтуу. Мен каза болгум келбейт».*

**НУРМАНБЕК, 27 ЖАШТА**

13 КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министирлигинин жарандарды чет өлкөлөрдө жумушка орноштуруу Борборунун маалыматы, https://migrant.kg/ru/useful/balagodarya-provodimoj-centrom-ra-kyrgyzstancy-pol/

14 "Россия Федерациясында жарым-жартылай мобилизация жүргүзүү жөнүндө" 2022-жылдын 21-сентябрындагы Жарлык, http://kremlin.ru/events/president/news/69391

15 Жеке аскердик компания -Вагнердин группасы — Россиядагы жеке аскердик компания.

# РОССИЯДАГЫ МОБИЛИЗАЦИЯНЫН ЭМГЕК-МИГРАНТТАРЫНА ТИЙИШИ МҮМКҮН БОЛГОН ТААСИРИ

Россия Федерациясынын президенти Владимир Путин 2022-жылдын 21-сентябрында Россияда жарым-жартылай мобилизация жүргүзүү тууралуу жарлыкка кол койгон. Россияда жүздөгөн миң Кыргызстандыктар жашайт, алардын көбү бул өлкөнүн жарандыгын алышкан. РФ ИИМдин маалыматына караганда, акыркы жарым жылда эле 10.6 миң Кыргызстандыктар жаңы паспорт алышкан. Алардын ичинен кай бирлери аскер комиссариаттарына чакырган повесткаларды ала башташты.

Ошондой эле, Владимир Путин Украина менен согушууга 21-сентябрда Россиядагы "жарым-жартылай мобилизацияны" жарыя кылары менен Россиянын тургундары массалык түрдө өлкөдөн чыгып кете баштаганын белгилеп коюу керек. Расмий эмес маалыматтарга караганда акыркы жумада эле Россиядан бир миллиондон ашык адам качкан, алар негизинен аскерге чакыруу курагындагы эркектер жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү. Аба каттамдарына билеттин баасы кескин көтөрүлүп, Европа биримдигинине кирген өлкөлөргө чыгып кетүүгө чектөөлөр коюлган шарттарда Россиялыктар эреже катары мобилизациядан коңшу өлкөлөргө качышты, ал жактарга поезд менен же машинеде эле жетип алууга болот, ал өлкөлөр менен Россиянын визасыз режими бар. Миграциянын агымы эң көп болгон өлкөлөр – Казакстан менен Кыргызстан.

Эксперттердин айтымында Россиялык эмгекке жарамдуу курактагылардын өлкөдөн чыгып кетүүсү, бир жагынан алганда, көптөгөн эмгек-мигранттары үчүн эмгек рыногундагы мүмкүнчүлүк болуп калуусу дагы ыктымал. Анткени Россиянын экономикасы бир жерде тура бербейт, ал жумушчу күчүнүн туруктуу агымына муктаж болот. Ошондой эле Россиянын өкмөтү Борбордук Азиядан келген эмгек-мигранттарын жоголуп жаткан интелектуалдык жана демографиялык потенциалдын ордун толтуруу механизми катары карашы керек.

Ал ортодо Россиянын президенти Владимир Путин РФтин курадуу күчтөрүндө аскер кызматын өтөө жөнүндө контракт түзгөн чет өлкөлүктөргө жеңилдетилген тартипте жарандык берүү жөнүндө жарлыкка кол койду. Бул жарлыкка ылайык женилдетилген тартипте жарандык алуу үчүн чет өлкөлүк жаран бир жылдан кем эмес мөөнөткө контракт түзүшү зарыл, ошону менен бирге согуш аракеттерине алты айдан кем эмес убакыт катышуусу керек. Жарандык алуу укугуна ошондой эле жубайы, балдары жана ата-энеси дагы ээ болушат. Эгерде аскер кызматындагы адам расмий түрдө жарандык алгыча каза болуп калса, анда анын үй-бүлөсү контракт түзгөн адам согуш аракети жүрүп жаткан аймакта канча убакыт болгондугуна карабастан жеңилдетилген формада жарандык алуу укугун сактап калышат.

Россия Федерациясында жарым-жартылай мобилизация жарыя кылынган биринчи күндөрү ал кандайча ишке ашырыла тургандыгы, бул процесске башка мамлекеттердин жарандары дагы тартылабы деген сыяктуу түшүнүксүз суроолор менен ар түрдүү жоромолдор көп болгон. Убакыттын өтүшү менен расмий түшүндүрүүлөр берилип, анын ичинде жарым-жартылай мобилизация Россия Федерациясынын жарандарына гана тиешелүү экендигин айтылды. Россиянын аймагында 500 миңден ашуун Россиянын паспортун алган Кыргызстандыктар жашап жаткандан кийин, бул категориядагы жарандар дагы мобилизацияга жарактуу топко кошулат.

Мигранттарды мобилизациялоонун зарылчылыгы жок экендигин көрсөтүп турган маанилүү фактор – бул жарым-жартылай мобилизацияга 300 миң адам тартыла тургандыгы, ал болчо Россия Федерациясынын калкынын болгону 0.2 пайызы, ал эми мобилизациялык потенциалдын 1.2 пайызы экендиги. Жарым-жартылай мобилизация планы өлкөнүн 20 дан ашык аймагында аткарылып калды.

Жарым-жартылай мобилизация азыртадан эле кызматчылардын тартыштыгына жана калктын кирешелери менен сактоолорунун азайышына алып келди. Мобилизациянын кесепетинен Россиянын экономикасы дагы кошумча иретинде 0.5 пайызга түшүп кетүүсү мүмкүн. Башка дагы бир көйгөй – бул акыл эмгегиндегилердин кетип жатышы, анткени эмгекке жарамдуу жаш курактагы бардар жана билимдүү адамдар кетип жатышат.

Мобилизация иш берүүчүлөрдү болжол менен жүздөн бир кызматчыдан ажыраттат, жумушсуздук абдан төмөн болуп турган шартта жоготуулардын ордун толтуруу оор. Андан сырткары, эмгекке жарамдуу курактагы Россиялыктардын бир бөлүгү мобилизациядан корkконунан башка өлкөлөргө кетип жатат. Жумушчу күчүнүн тартыштыгы Россиялыктардын ансыз деле көп болбогон сактоолору менен кирешелерине терс таасир тийгизди, анын ичинде мобилизация кылынгандардын үй-бүлөлөрү дагы бар.

Мобилизация Россиянын экономикасынын төмөн түшүшүн кошумча дагы 0.5 пайызга бул жылы көбөйтүшү мүмкүн, бул болсо өз кезегинде керектөө маанайынын өтө катуу бузулушуна алып келет. Эмгек-мигранттары өтө зарыл эмес нерселерди сатып албай калышат, бул болсо суроо-талаптын терең түшүп кетүүсүнө алып келет, ал болсо ИДПнин төмөндөшүн күчөтөт. ИДПнин төмөндөөсүнөн сырткары инфляциянын тездеши дагы күтүлүүдө.

Бийлик кырдаалдын оор экендигин сезе баштады. Мобилизация болгондордоун көбү айыл жеринен, бул болсо агроөнөр-жайына жана курулуш комплекстерине зыянын тийгизет.

Мобилизациянын айынан Россияда жанаша импорт боюнча товарларды жеткирүүдө көйгөйлөр башталуусу дагы мүмкүн.

Бул Жарлык биздин мигранттарга дагы контракттык негизде аскер кызматына тартуу жана согушка жөнөтүү коркунучун жаратат. Азыркы күнү "жарым-жартылай мобилизация" деген нерсе жер-жерлерде башкача мүнөздө ишке ашырылып жатат, ал жактарда мажбурлоо менен аскерге алуу тобокелчили бар.

# УЛЬЯНОВСКДЕГИ ТРАГЕДИЯ

**Украина менен согушка байланыштуу Россия Федерациясында 2022-жылдын июль-сентябрь айларында миграциялык мыйзамдарды катаалдаштыруу уланып жатат. 2022-жылдын 21-августунда Россиянын Ульяновск облусунда жол-транспорттук кырсыгынан улам Кыргызстандын 14 жаран каза болду. Алардын бардыгы эмгек-мигранттары болчу, Россия Федерациясында убактылуу эмгектенип жатышкан. Белгилүү болгондой, маршруттук таксиде отургандар Россия менен Казакстандын чек арасынан кайтып келе жатышкан, ал жакка Россиянын миграциялык мыйзамдарынын жаңы талаптарын аткаруу үчүн барышкан. Бул оор трагедия чет өлкөдө акча табуу үчүн жүрүшкөн Кыргызстандыктарды мамлекет тарабынан колдоого алуу маселесин кайрадан күн тартибине алып чыкты. Мурда өлкөнүн бийлиги мигранттарга көбүрөөк ченемде көңүл бурулат деп убады кылган. Бирок андай болгон жок**.

# ЭКСПЕРТ ЭМИЛЬ ДЖУРАЕВДИН ПИКИРИ

**Россиядагы жаңы чакырыктар менен жаңы шарттар эмгек-мигранттарына кандай таасир тийгизет? Алар эмне кылуусу керек?**

Азыркы Украинадагы согуш жана Россиядагы мобилизацияга байланыштуу абдан туруксуз абалда бир нерсени алдын ала боолголоп айтуу оор. Кырдаал кайсы жагын карай өзгөрөт? Азыр так жооп жок. Эмгекке жарамдуу курактагы көптөгөн Россиялыктар өлкөдөн чыгып кетишти. Мисалы, расмий эмес маалыматтарга караганда 200 миңден ашык россиялыктар Кыргызстандын аймагына келишкен. Ушуга байланыштуу Россиянын эмгек рыногунда эмгек-мигранттары үчүн эң эле көп мүмкүнчүлүктөр жаралат, анткени Россиянын экономикасы баары бир жашашы керек, ошону менен бирге жумушчу күчү дагы керек. Бирок, экинчи жагынан караганда, мобилизацияга байланыштуу мигранттар үчүн бир катар тобокелчиликтер дагы бар. Россиянын өз жарандары үчүн деле президенттин "жарым-жартылай мобилизация" деп аталган жарлыгынын көп пункттары аткарылбай жатат. Ал жарым-жартылай эмес эле толук мобилизация катары өтүп жатат. Биздин эмгек-мигранттарды, анын ичинде Кыргызстанда жүргөндөрүн дагы, ар кандай нерселерди сунуш кылуу же коркутуу жолу менен аскер кызматына чакырып жатышканын байкап жатабыз. Мисалы, эгерде аскер кызматына барсаң Россия Федерациясынын жарандыгын тездетилген шартта аласың деген. Ар кандай түшүнүксүз схемалар сунуш кылынып жатат, алар Россиянын Куралдуу күчтөрүнө мүмкүн болушунча көп адам тартууга багытталган. Эгерде, мигранттардын Россияда жүрүүсүнүн коопсуздугун максималдуу түрдө камсыз кыла ала турган бекем негиздер бар болсо, атап айтканда Кыргыз Республикасынын Россиядагы Элчилиги жана Консулдуктардын тыгыз кызматташуусу аркылуу гана жетише турган мигранттарды аскер кызматына алуудан коргоо, анда азыркы учурда Россияда эмгек-мигранттары үчүн көп экономикалык мүмкүнчүлүктөр пайда болот. Анткени Россиядан 1 миллионго жакын эмгекке жарактуу курактагы калк сыртка чыгып кетти.

Албетте, Кыргызстанда биздин жарандардын кайтып келүү альтернативасы болушу зарыл. Өз ичибиздеби же эл аралык аренада кандайдыр бир сезимтал маселе жаралып калса эле биздин бийлик корккон башкы маселе "мигранттар массалык түрдө үйлөрүнө кайта баштаса эмне болот?" деген суроо. Биз ушул коркуу сезиминен арылуубуз керек. Бийликтин саясатында тетирисинче бул колдоого алынышы керек. Азыр биздин өкмөт көптөгөн мигранттар кайра кайтып калуусу мүмкүн экендигин, аларды жумуш менен камсыз кылуу зарылдыгын түшүнүп калды. Бирок азырынча жумушка орноштуруу механизмдерин иштеп чыга элек. Албетте, бул оор иш. Альтернативдүү эмгек рыногун издөөгө дагы болот, бирок мигранттардын кайра кайтышын өкмөт негизги мүмкүнчүлүк катары кароосу керек, коом мындайды колдошу зарыл, ал эми аларды андан ары жумуш менен камсыз кылуу биринчи кезектеги милдет болуп калуусу керек.

**Россиялыктардын Кыргызстанга көп келүүсү жергиликтүү эмгек рыногуна кандайча таасир этиши мүмкүн?**

Биз Россиядан Кыргызстанга келишкендей көп сандагы адамдар жөнүндө айтып жатабыз, албетте жергиликтүү эмгек рыногуна таасири тиет деген коркунуч дайыма болот. Келгендердин арасында ар кандай тармактарда зарыл болгон кесипкөйлөр бар, IT секторундагы адистер жөнүндө көп айтылып жатат. Бирок бул ошол 200 миңдин бардыгы эле биздин экономика үчүн керек болот, жагымдуу дегендикке жатпайт. Кандай болгон күндө дагы биздин өкмөт так анализ жүргүзүп, мызам чегинде эсебин алып туруусу керек, анткени алар эмне кылып жүрүшөт, жергиликтүү экономикага кандай таасир берет дегенди түшүнүү керек. Келгендердин саны канча болбосун, баары бир жергиликтүү эмгек рыногуна таасир берет. Айрыкча бул кызмат көрсөтүү секторуна, hospitality, банк тармагына ж.б. тиешелүү. Б.а. алардын бардыгы эле онлайн иштешпейт. Алардын көпчүлүгү мобилизациядан кутулуу үчүн эле өлкөсүнөн тезирээк чыгып кетишкен.

Россиядан келген мигранттар он миңдеген жумушчу орундарды ээлеп кала турган болсо коомдогу чыңалуу тобокелчилиги бар, Россияга Борбордук Азиядан көп сандагы эмгек-мигранттары баргандагыдай эле. Менин оюмча, кандай болгондо дагы биз бул көрүнүштү жакшы деп дагы, жаман деп дагы айта албайбыз. Өтө татаал нерселерди жөнөкөйлөтүп кароого болбойт.

**Жаңы шарттарда мигранттардын эмгек укуктары кандайча корголуусу керек?**

Менин оюмча, буга чейин эле жасалып келе жаткандай, легалдуу жана мыйзамдуу фирмалар менен иштөө эң натыйжалуу. Алар расмий түрдө жумушка алышат, кызматчы менен жумушту камсыз кылуучу мекемелердин, иш берүүчүлөрдүн ортосунда түзүлүүчү келишимдик жана контракттык негиздерди тыкыр иштеп чыгышат.

Биздин мигранттар туш болуп жаткан көптөгөн кыйынчылыктар менен маселелер кызматчы менен иш берүүчүнүн өз ара мамилелерине байланышкан, ошондуктан мигранттардын укуктарын коргоо иштерин ошол “төмөнкү” баскычта күчөтүү зарыл. Биздин мигранттар өз укуктарын канчалык жакшы билишсе, алар укуктарын коргоо үчүн кимге кайрылуу натыйжалуу боло тургандыгын жакшы түшүнүп калышат.

Россия барган сайын укуктун үстөмдүгү сакталбаган, өкмөт тарабынан, мамлекеттик кызматчылар же, мисалы үчүн, полиция кызматындагы бийликтин майда өкүлдөрү тарабынан мигранттарга карата өз билгениндей эле санкциялар коюла баштаган өлкөгө айланып бара жатат. Ал кризис мезгилинде өз дараметин көрсөтүп койду. Бул анча деле жакыш көрсөткүч эмес.

**Эмне үчүн Кыргызстан биздин эмгек-мигранттарына кедергиси тийип жаткан миграциялык эрежелерди жумшартуу жөнүндө жигердүү талап койо албайт?**

Биздин бийлик ар дайым азыркыдан жигердүүрөк боло алмак. Бул жерде Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы олуттуу базалык өз ара мамилелер бар, алар көп жылдан бери калыптанып калган. Кыргызстанда бийлик канча алмашпасын, өлкө башында ким турбасын, алар ушуга окшогон көрүнүштөрдү талкуулоодо жана чечүүдө россиялык өнөктөштөрүнүн алдында токтоо позицияны карманышат, тартынчаак позицияны деп койсок деле болот.

Бирок Россиянын өзүндө деле эмгек-мигранттары санкциялар менен жоготуулардан кийин кайра калыбана келтирүү үчүн Россияга керек болуучу зор күч экендигин түшүнүшөт го дейм. Россия үчүн жакынкы жылдарда экономиканын иштеп турушу абдан маанилүү. Россия өнүгүүгө болгон чоң мүмкүнчүлүктөрүн өзү жок кылып алды. Россияда муну түшүнгөн жетекчилер, экономисттер, чиновниктер бар экендигине ишенем. Бирок алар канчалык ченемде өз түшүнүктөрүн бийликтин расмий саясатына которо алат, бул башка маселе, анткени өлкө жетекчилигинде согуштук, геосаясаттык ой-жүгүртүү басымдуулук кылып турат, бул анча деле рационалдуу экономикалык ой-жүгүртүү эмес.

Эгерде сүйлөшүү мүнөзү ансыз деле мыйзам чегинде камсыз боло турган нерселерди суранууга жана жалбарып өтүнүүгө өтүп кете тургандай болсо, анда Кыргызстандыктарга, Кыргызстандын жетекчилигине аракет кылуунун деле кажети жок. Анткени Кыргызстан өз өтүнүчтөрү менен Россиядагы жарандарынын абалын жакшырта албайт. Эгерде Россия Кыргызстандык мигранттарды маал-маалы менен кайра каттап туруу үчүн өлкөдөн чыгып кайра кирүү процедурасын киргизген болсо, мындай мурда жок болсо, анда бул Россиянын биздин жарандарга карата чыныгы мамилесин гана көрсөтүп турат. Эгерде Россияда калуу экономикалык жактан маанилүү болсо, анда бул процедурага макул болуп, аны аткарып, ошону менен ал жакта калып иштей берүүгө болот. Андай болбосо, анда биздин жарандар акча каражатын иштеп табуунун альтернативалык мүмкүнчүлүктөрүн издегени дурус, мисалы үчүн, кайра кайтуу же башка өлкөгө чыгып кетүү.

# ТЫЯНАКТАР

Кыргызстандан барган эмгек-мигранттарынын Россия Федерациясындагы абалы мурдагыдай эле татаал бойдон калууда. Россияга карата эл аралык коомдоштук тарабынан салынган көптөгөн экономикалык санкциялардан кийин мигранттардын абалы начарлап кетти. Кыргызстандан келген мигранттар кыскартууларга, жумуштан кетирүүлөргө жана эмгек акынын төмөндөшүнө дуушар болушту. Эмгек укуктарынын бардык жерлерде бузулушу бир нече эсе көбөйдү. Бул мыйзамсыз жумуштан кетирүү, эмгек акыны төлөбөй коюу, эмгек келишимин же жарандык-укуктук келишимди түзбөй коюу, ашыкча убакыт иштегени үчүн акы төлөбөстөн макулдашылган убакыттан көп иштетүү, жумуштун чыдоого болбой турган шарттары ж.б. боюнча кайрылуулардын көп болуп жаткандыгы менен тастыкталып турат. Иш берүүчүлөр, ортомчулар же шылуундар тарабынан эмгек-мигранттарын эксплуатациялоо максатында алдоонун жаңы схемалары өнүгүп жаткандыгы өзгөчө тынчыздандырат.

Эмгек-мигранттарынын ичинде жумушун жоготуп коюу мигранттардын айына алып туруучу кирешелерине терс таасир кылып, алардын Кыргызстанга акча которууларынын кыскаруусуна алып келди (35%). Өз кезегинде бул жагдай алардын мекениндеги акча которуудан көз каранды болгон үй-бүлөлөрүнүн каржылык абалын начарлатты.

Мигранттар Борбордук Азияда кыймылдатуучу күч болуп саналышат, ал күч өлкөлөрдүн экономисанына өбөлгө болуп турат. Барган өлкөлөрдө эмгек-мигранттарына карата кысымдын көп мезгилге созулушу Кыргызстандагы калктын аяр катмарларына терс таасир тийгизип, ошону менен бирге жакырчылыктын чегине жеткен жарандардын санынын өсүшүнө алып келүүсү мүмкүн.

Россия Федерациясындагы Кыргызстандык жарандардын негизги көйгөйлөрү болуп иш жүзүндө жашап жаткан жерлерине миграциялык каттоого туруу, иш берүүчүнүн эмгек келишимин түзүүдөн баш тартуусу кала беришүүдө, бул болсо кыргыз жарандарынын Россияда жүрүүсүн мыйзамдаштырууга, ошондой эле алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө милдеттүү түрдөгү медициналык камсыздоо келишимин түзүүгө жолтоо болуп жатат.

Кыргызстан Евразиялык экономикалык биримдикке (ЕАЭБ) киргенден тарта, 2015-жылдын август айынан кийин, мигранттардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн мыйзамдуу түрдө жашоосу жана иштөөсү женилдетилген, ал эми алардын балдары үчүн медициналык тейлөөгө жана билим алууга мүмкүнчүлүгү жакшырган. Ошентсе дагы, көпчүлүк Кыргызстандык мигранттардын мурдагыдай эле документтери жок болгондуктан, ал эми мыйзамдуу түрдө миграция болгондордун көбүнчө жазуу түрүндөгү эмгек келишими болбогондуктан, алар бекитилген укуктардан пайдалана алышпайт, ошондуктан абдан эле алсыз бойдон калып жатышат. Мыйзамдар, саясат жана мигранттарга карата иш-аракеттер Кыргызстанда дагы, ошондой эле алар барышкан негизги өлкөлөрдө дагы укукка негизделишпейт, гендерлик жана жаш курактык аспектилерди эске алышпайт.

Россиядагы мыйзамдаштыруудагы кыйынчылыктар, укуктук жактан сабатсыздык кызматчыларды легалдуу эмес миграцияга түртүп жатат. Мигранттар, айрыкча легалдуу эмес абалдагылар, оболу аялдар, жаштар жана балдар эмгек укуктарынын бузулуу тобокелчилигине бардыгынан көп туш келишет, алар мажбурлап иштетүүгө жана адамдарды сатып жиберүүгө кабылышат.

Россия Федерациясынд жүрүүнүн миграциялык эрежелеринин катаалдануусу менен мигранттар Ульяновскдеги трагедияга окшогон башка кесепеттерге дагы туш болушат, ал жакта өздөрүнүн статусун мыйзамдаштыруу үчүн "чыгуу жана кирүү" расмисин аткаруу мезгилинде 14 мигрант авто кырсыктан улам каза болгон. Мындай басынтуучу талаптар КР ИИМдин Росиянын тиешелүү органдары менен мигранттардын абалын жеңилдетүү боюнча иштеринин баркын кетирет. Кыргыз бийлиги эмгек-мигранттарынын көйгөйлөрүн чечүү маселелеринде жигердүү позицияны кармануусу зарыл, ошону менен бирге мигранттардын эмгек укуктарын коргоону камсыз кылуу үчүн зарыл болгон чараларды көрүүсү керек.

ЕАЭБге мүчө мамлекеттер эмгек рыногунан бардык жеңилдиктерди жана артыкчылыктарды алуусу үчүн эмгек-мигранттарынын легалдуу жүрүүсүнө жана эмгектенүүсүнө зарыл болгон шарттар түзүлүүсү керек. Мында эмгек миграциясы багытындагы жаңы мамлекеттик актылар Бирикме жөнүндө Келишимдин бардык жоболорун эске алуусу керек, ошондой эле эмгек миграциясы чөйрөсүндөгү коюлган максаттарга жетүүгө коркунуч келтирбеши зарыл.

# РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫ ҮЧҮН СУНУШТАР

- Иш берүүчүлөрдүн үстүнөн көзөмөлдү күчөтүү жана эмгек-мигранттарын контракт түзбөстөн жумушка алган, ошондой эле контракттын шартын сактабаган иш берүүчүлөрдүн жоопкерчилигине кепилдик берүү.
- Аял эмгек-мигранттарынын эмгегинен пайдаланып аларды үй кызматчысы катары жумушка алган үй чарбаларында пландуу түрдө эмгек инспекциясын жүргүзүп туруу.
- Мамлекеттик кызмат ичиндеги, атап айтканда укук коргоо органдарынын, бажы кызматынын жана миграциялык полициянын кызматкерлеринин арасындагы коррупция менен күрөштү күчөтүү.
- Эмгек-мигранттарынын укуктарынын бузулуш фактылары жөнүндөгү билдирүүлөргө ыкчам көңүл буруу, алар боюнча калыс иликтөө жүргүзүү, мигранттарга каршы кылмыш жасоого күнөөлү болгон адамдарды жоопко тартуу, айрыкча Россия Федерациясындагы жарым-жартылай мобилизация жарыяланышына байланыштуу аскер кызматына мажбурлап кол койдуруу фактылары боюнча.
- Бириккен Улуттар Уюмунун келишим менен түзүлгөн органдарынын сунуштарын аткаруу, атап айтканда, 2015-жылы апрель айында чыгарылган бардык эмгек-мигранттарынын укуктарын коргоо Комитетинин корутунду эскертүүлөрүн аткаруу.
- Эл аралык эмгек уюмунун эмгек-мигранттарына тиешелүү болгон 1975-жылдагы № 143-Конвенциясы менен жумуш менен камсыз кылуучу агенттиктер жөнүндөгү 1997-жылдагы № 181-Конвенциясын ратификациядан өткөрүү.
- ЕАЭБнин интеграциялык процесстеринин жана мыйзамдарды шайкеш келтирүү иштеринин алкагында эмгек-мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын кабыл алып жаткан өлкөлөр тарабынан корголушу жөнүндөгү Эл аралык Конвенцияны ратификациядан өткөрүүнү демилгелөө зарыл.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ, ТЫШКЫ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ ЖАНА РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНДАГЫ КОНСУЛДУКТАР ҮЧҮН СУНУШТАР

- ЕАЭБнин интеграциялык процесстеринин жана эмгек-мигранттары боюнча мыйзамдарды шайкеш келтирүү иштеринин алкагында миграциялык процедураларды жумшартууну жигердүү демилгелөө.
- Россия Федерациясынын бардык аймактарында мигранттар үчүн маалыматтык өнөктүктү жүргүзүү:
  - Кыргыз Республикасынын ЕАЭБга мүчө болуусуна байланыштуу кабыл алуучу өлкөлөрдө жүрүүнүн жана жумушка орношуунун жаңы эрежелери жөнүндө;
  - БУУнун конвенцияларына ылайык эмгек-мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары жөнүндө;
  - Мигранттар туш боло турган тобокелчиликтер жөнүндө, айрыкча мүмкүн болуучу гендердик дискриминация, кыянаттыктар жана зомбулуктар жөнүндө;
  - Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн (саламаттыкты сактоо, билим берүү) жана сот акыйкаттыгынан пайдалануу жөнүндө, ошондой эле Кыргызстандык мигранттарга көрсөтүлүп жаткан консультациялык кызматтар жөнүндө.
- Диплломатиялык кызматтардын, Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция Министирлигинин Россиядагы өкүлчүлүгүнүн, диаспора уюмдарынын Кыргыз Республикасынын жарандарынын арасында жарандыкты жеңилдетилген тартипте алуу үчүн “ыктыярдуу түрдө” аскер кызматына баруруга мажбурлап кол койдурууга жол берилбеши жөнүндө маалыматтык өнөктүктү күчөтүү.
- Консулдук өкүлчүлүктөрдү көбөйтүү жана байланышуу жолдору (ыкчам байланыш) жөнүндө маалыматты таркатуу менен, айрыкча жаңы техгологияларды колдонуу аркылуу консулдук жардам алууга кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүү.
- Кыргызстандын Россия Федерациясындагы консулдук мекемелеринде, айрыкча Кыргызстандык эмгек-мигранттары көп ири шаарларда, юристтердин санын көбөйтүү.
- Кайра кайтып жаткан мигранттардын адистигин өзгөртүү, окутуу жана сертификаттарды берүү үчүн программа иштеп чыгуу.
- Кыргызстанда жаңы жумушчу орундарды түзүү, ошондой эле коопсуздукту жана легалдуу жүрүүнү камсыз кылууну эске алуу менен жаңы эмгек рынокторун ачууга багытталган иштерди күчөтүү.

# ТЕРМИНДЕР МЕНЕН КЫСКАРТУУЛАР

**БУУ** – Бириккен Улуттар Уюму

**ММК** – Массалык маалымат каражаттары

**ЕАЭБ** – Евразиялык экономикалык биримдик

**РФ** – Россия Федерациясы

**КР** – Кыргыз Республикасы

**РФ ИИМ** – Россия Федерациясынын Ички иштер министирлиги

**КМШ**– Көзкарандысыз мамлекеттер шериктештиги

**СИБ** – Стратегиялык иштеп чыгуу борбору

**РФ КК** – Россия Федерациясынын Курулдуу Күчтөрү

**КМБ** – Көп фунционалдуу миграция борбору

**РФ ТИМ МИБ** – Россия Федерациясынын Тышкы иштер министирлигинин алдындагы Миграция иштери боюнча башкы башкармалык

**РФ АБК** – Россия Федерациясынын Административдик укук бузуулар жөнүндөгү Кодекси

# ГЛОССАРИЙ

**Миграция** – Өлкө ичинде же эл аралык чек ара аркылуу калктын орун которуу процесси. Орун которуунун мөөнөтүнө, курамына жана себептерине карабастан миграция өзүнө анын бардык түрүн камтыйт; качкындар, сүргүндөгү адамдар, жер котортулган адамдар жана экономикалык мигранттар дагы миграцияга кирет.

**Мигрант**. Эл аралык деңгээлде жалпы кабыл алынган "мигрант" деген термин жок. Адам "өзүнө ыңгайлуу" жагын карап, сырткы факторлордун мажбурлоосу жок жер которуу тууралуу чечим кабыл алган бардык учурлар адатта "мигрант" термини катары түшүнүлөт. Ошондон улам бул термин өздөрүнүн материалдык же социалдык шарттарын жакшыртууга, өздөрүнүн же өз үй-бүлөсүнүн келечегин камсыз кылуу максатында башка аймак же башка өлкөгө жер которуп кеткен адамдарга жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө карата колдонулат.

**Эмгек миграциясы** – адамдардын өз өлкөсүнөн башка өлкөгө жумуш табуу максатында орун которуусу. Эмгек миграциясы мамлекеттик миграция мыйзамдары менен жөнгө салынат. Андан сырткары, кай бир мамлекеттер тышкы эмгек миграциясын жөнгө салууда жана өз жарандарына чет өлкөлөрдө ыңгайлуу шарттарды түзүп берүүдө активдүү роль ойношот.

**Эл аралык (тышкы) миграция** – бул башка өлкөдө туруктуу же убактылуу жашап калуу үчүн өзү туулуп-өскөн же туруктуу жашап турган өлкөдөн чыгып кетип жаткан адамдардын орун которуусу. Мындай учурда эл аралык чек арадан өтүү орун алат.

**Экономикалык санкциялар** (буга **соода** жана **каржы** санкциялары дагы кирет) – эл аралык сооданын катышуучуларынын бирөө тарабынан (бир өлкө же өлкөлөрдүн тобу) башка катышуучуга карата ("санкция объектиси") анын саясий багытын өзгөртүү максатында колдонулган тыюу салуу мүнөзүндөгү чаралар.

**Кайра кайтуучу миграция** – туруктуу жашап турган жеринен чыгып, эл аралык чек арадан өтүү менен өздөрү туулуп-өскөн өлкөгө кайтып жаткан адамдардын эл аралык миграция чегинде орун которуусу.

**Жогорку квалификациялуу эмгек-мигранты** – эреже катары жогорку квалификациялуу кесиптерде иштөөгө зарыл болгон билимдин жогорку деңгээлине ээ болгон же кесиптик тажрыйбасы, адистик деңгээли же квалификациясы бар мигрант.

**Кабыл алуучу өлкө (жайгашкан өлкө)** – бара жаткан же үчүнчү өлкө. Ал эми кайра кайтуу же репатриация учурунда туулуп-өскөн өлкө болот. Президент, министир же парламент тарабынан жыл сайын кабыл алынуучу чечимге ылайык мигранттардын (качкындар дагы кирет) белгилүү санын кабыл алууга макулдук берген өлкө.

**Туулуп-өскөн өлкө** – миграция түшүнүгүнүн алкагында караганда чет өлкөгө орун которуп кеткен адамдын (же адамдардын тобунун) жарандыгы бар же ал мурда туруктуу жашап турган өлкө, бул анын (же алардын) орун которуусу ар дайым болуп тургандыгынан же сейректигинен көз каранды эмес.

**Миграциянын феминизациясы** – аялдардын орун которуу мүнөзүнүн өзгөрүшү, аялдардын үй-бүлө мүчөсү катары эмес, өз алдынча орун которуусу улам көбөйүп жатканын, ошону менен бирге алардын жумушка орношууга активдүү катышуусун көрсөтүп турган факт.

**Россиянын Украинага кол салуусу (2022)** – Украинадагы "атайын аскердик операция – ААО", Украинага карата Россиянын агрессиясы.

**Россиядагы аскердик мобилизация** – Россиянын Украинага созулуп келе жаткан кол салуусунун жүрүшүндө, Украинанын Куралдуу күчтөрүнүн каршы чабуулуна кийин тез эле 2022-жылдын 21-сентябрында президент Владимир Путин Россияда "жарым жартылай мобилизацияны" баштоо тууралуу жарыя кылган.

**Россия Федерациясынын Куралдуу күчтөрүндө кызмат кылуу жөнүндө келишим түзгөн чет өлкөлүктөргө жеңилдетилген түрдө жарандык берүү**

2022-жылдын 30-сентябрында Россиянын президенти Владимир Путин Россия Федерациясынын Куралдуу күчтөрүндө кызмат кылуу жөнүндө келишим түзгөн чет өлкөлүктөргө женилдетилген түрдө жарандык берүү жөнүндө жарлыкка кол койгон. Жарлыкка ылайык жеңилетилген түрдө жарандык алуу үчүн чет өлкөлүк жаран бир жылдан кем эмес мөөнөткө келишим түзүүгө, согуштук аракеттерге алты айда кем эмес мезгил катышууга милдеттүү. Жарандык алуу укугуна ошондой эле анын жубайы, балдары менен ата-энеси дагы ээ болушат. Эгерде ал аскер кызматы учурунда жарандыкты расмий түрдө алганга чейин каза болуп калса, анда согуштук аракеттер жүрүп жаткан аймакта ал канча убакыт болгондугуна карабастан анын үй-бүлөсү жеңилдетилген түрдө жарандык алуу укугун сактап калат.